Мубара Абдулат кызы

# ИНСАН

Жалал-Абад 1997-ж.



Мубара Абдулат кызы

# Инсан

Документалдуу повесть

Жалал-Абад ш.
1997-жыл.

Мубара Абдулат кызы.

Инсан. Документалдуу повесть.
Жалал-Абад ш. 1997-жыл.

Мубара Абдулат кызы - Кыргызстан Журналисттер Союзунун мүчөсү. 1984-жылы Кыргыз Мамлекеттик университетинин кыргыз филологиясы жана журналистика факультетин бүтүргөн.

Автор бул китебин Ноокен районундагы «Кыргызстан» кооперативинин төрагасы Абдыкапар Усубалиев жана анын айылдаштарына арнайт.

# Сөз башы

Ар бир адамдын Ата-Мекени ал төрөлүп, киндик кан тамган жери. Кыргыз калкы тааныганы да, тааныбаганы да ата-тегин сурашат. Кай жерликсиң? Урууң ким?

Баарына жооп бересиң. Ал эми мен Ноокендикмин, Ноокенде төрөлгөнмүн, уруум болсо кушчу. Ноокендик болгонума бир чети сыймыктанам. Ноокендин жери сулуу, жаратылышы кооз, жашыл токою, эгин талаасы бар, баарында береке төгүлөт, баары элдин ырыскысы. Жерди калпысаңыз каймак аласыз. Ошол каймакты калпыган да, ачты тоюндурган да, сыйды билген да, сыйлоону жакшы көргөн да, чыныгы инсанды урматтаган да карапайым калкы. Баарын башкадан сурабай өз колдору, өзүнүн чыныгы мээнети, адал эмгеги менен өстүрүп алышат. Сөздүн ток этер жери эли эмгекчил, ташка гүл өстүргөн дыйкан адамдар.

Мына ушул инсандардын арасында татыктуулар арбын. Бүгүн бирөө жөнүндө саймедиреп, жылуу кеп кылып берсеңиз, эртеси башкасы бар, мында өмүр, эмгек таржымалын угуп, өзү, иши менен аралашып отурсаңыз өрнөк алар инсандар четтен табылат. Алардын бири районго аттын кашкасындай таанымал, кала берсе республикабыздын башка аймактарына да белгилүү инсан Абдыкапар Үсубалиев. Аны мектеп партасынан райондук гезиттин редакциясынын кызматтык орундугуна олтурган, башкача гүлгүн курагымдан бери билем. Анда бул кишилердин иши даңазалуу, сөзү сөз болуп турган кези.

Жаштык чакта ушул өңдүү инсандардай болууга тырышып, ошолордой жылуу, маданияттуу мамиле жасап, бирөөгө ошолордой жагымдуу сүйлөп, ошолордой кадырбарктуу болууга аракеттенген кез, бардык жакшы нерселерди өз боюна сыйдырган жаштык чак, азыр тамшанабыз. Гезитте иштеп, жакшы-жаманды, ак-караны ылгап, өйдө-ылдыйды билип, дегиси эл менен аралашып жүрүп, таразалай келсем мен билгенден өрнөк алар, үйрөнөөр, инсандыктын парзын туяр ушул киши болуптур. Партиянын катарында жүрүп да, партбилетти кор кылып, ар-намысты тебелеп, жөн жеринен адам тагдырына балта чаап, көз боемочулук менен жан баккандарды көрдүк. Биринчи катчынын көзү менен тең айланып, айрым келечектүү кадрлардын кыбыр эткенинен бери аңдып, бейкүнөөлөрдү күнөөгө жыгып, ошолордун шоруна жаралган «бечараларды» көрдүк. Курсактарын челкейтишип, иш бөлмөсү менен коридордун, чоң асфальт жол менен тратуардын айырмасын билбеген кара курсак чаначтарды көрдүк.

Жөн жеринен ушундай башы көңдөй, ичи тар көрпенделердин кесири тийип, нечендеген таза кадрлардын күйгөнүн да көрдүк. Кайсыл доор болбосун Усубалиев ошол кара ниеттердин, көңдөйлөрдүн бирөөсүнө да окшобогондугу. Ошол бу дүйнөгө зыяндан башка пайдасы жок мылжыйган көрпенделер азыр деле көрүнгөн жерде эч нерсе болбогондой, беттерин кызартпай тетирисинче азыркы доорго керекмин дешип жүрүшөт дале мылжыйышып. Алар кайсыл заман болсо, кимдин доору болсо, «Арзымат» болуп, пайдасы тиер жөлөнгүчтөрдүн коюн-колтугуна кирип жүрүшөт. Буларга да кошулбайт Усубалиев. Ошол кезде ушул кишилерден сабак алдык. Мезгилдин өйдө-ылдыйында өзүнүн артынан ээрчиген элинин башын бириктирип, кубанычтарын бөлүшүп, кыйынчылыктарында жөлөк болуп келет.

Ноокенде Сакалды деген чоң айыл бар. Тээ Союз кезде «Айыл көркү өз көркүң», «Жакшырган, жашарган айыл» деп нечен ирет жаздык бу Сакалды жөнүндө. Азыр да Ноокендеги чоң айыл өкмөтү делет, ал бир нече майда айылдарды бириктирип турат. Издеген киши Сакалдыга келип, Абдыкапар акени сураса жаш балдардан, ээги эмгектеген карыга чейин айтып берет.

Жөпжөнөкөй, адамгерчилиги мол, жан-дүйнөсү таза, бу кишиден көп нерсени үйрөнүүгө болот. Аны партиялык кызматтарда иштегенинен, чарба жетекчилигинен, райондо элдик контролдоо комитетинде эмгектенгенинен бери билем. Коммунисттик партиянын дүркүрөп турган кези, ошондо бир катар коммунисттердин кадыр-барк күтүп турган кези. Кызыл билетти төш чөнтөгүнө салып алып, акыл-парасаттуу адам жасабаганды жасагандар канча болду. Мындай терс сапат бул инсанга жат эле. Партиянын Ленин райкомунда бюро мүчөсү да болчу. Ушул кишилердин сүрүнө сүрдүгүп, бюрого кирип, партияга мүчө болгонумду билем. Канча даярдык, канча түйшүк, канча эмгек менен өтчүбүз. Басканынан, сүйлөгөн сөзүнө чейин, чачты жасалгалап, кийген кийимине дейре тыкандыгына көз кырын салчу. Ошол сапаттардан кылдай кемчилик кетирдиңби анда сындан өтпөй калганың, демек менин каарманым да жөн киши эмес. Анда ушул инсан жөнүндө баянымды баштайын окурман.

Эмелеки ачык асман капалуу кишидей кабагын бүркөй будуң-чаң болду да калды. Заматта асмандын түбү тешилгендей жамгыр төктү дейсиз, кудум эле челектеп төгүп жаткандай асфальт жолдо суу агып, таштак, баткак жолдор суугa чайылып, ой-чуңкурлар көлчүк-көлчүк суугa толуп ары-бери өткөндөрдү машакатка салды да калды. Табият дал мен үчүн доолуланып, дал мен үчүн боздоп ыйлап жаткандай таризде. Анткени, ушул мүнөт жумуштан бошодум. Болгондо да өз арызым менен, өз жүрөгүмдүн каалоосу менен. Себеби, мындан ары чыдай алмак эмесмин. Адамдагы кара өзгөйлүктүн, көрө албастыктын дал ортосунда туруп, алар менен аралашып жүрүп, акыры чыдаган жокмун. Кудай тообо, адам баласы ушунчалык таш боор болбосо, мээримсиз, мерез болбосо. Андай эмес экен, мен кантип өз туурумдан, жылуу ордумдан козголуп, бөтөн жерге, бөтөн элге кетүүгө аргасыз белем.

- Өсүп келаткан кадрсың, деди жетекчибиз.Мейли кетсең кет, мен каршы эмесмин, бирге иштешсек деле болмок. Бирок, бюродо кызматтан кеткенде сага атаандашып, бу эмне жүрөт деп атышпайбы? Болбосо сендей кадрды жумуштан кетирип башым шишиптир дейсиңби? Бирок, кайда болбосун иштеп кетээриңди, ошол жамаат менен мамыр-жумур болуп, тил табышып кетээриңди билем.

Колунун манжаларына чейин жаап турган жеңи узун костюмун улам чыканагынан өйдө тартып жатып сүйлөй берген жетекчимдин сөзүн уккум да келген жок, ага жооп берүүгө аракет да жасабадым. Ачуумду да келтирбедим, күлгөн да жокмун. Эч нерсени билгизбеген калыбымда анын колунан эмгек китепчемди алдым да, жөнөй бердим.

- Өткөн-кеткенде келип тур. - Артымдан сүйлөп кала берди.

«Куу түлкү ичиңден кубанып жатсаң керек, кара күчкө кууланып жатпайсыңбы. Эми менсиз ээн-эркин жетекчилик кыласың, өз үйүмдөн, киндик кан тамган жеримден алыстатып, ысык ордумду сууткан сен оңбойсуң го», - дедим өз ичимден. Жүрөгүм оруп чыкты. Сыртка атып чыктым, дале күн жаап жатыптыр, кол чатырымды жая жамгырдан корголой берип, артымды карадым. Мектеп партасынан түз эле эшигин ачып кирген секелек кызды өз кучагына алып, кабар жазгандан, очерк жазганга, ыр дүйнөсүнө аралашып, адабият майданына сүңгүп киргенге чейин эшик ачып берген чакан, бирок мен үчүн сүйкүм көрүнгөн райондук гезиттин имаратына ичим ачыша азга тигилип турдум да, жөнөй бердим. Тигине үйүм,

тигине айылым, ага жакын эле иштеген жайым, эми ошол жерден алыстап баратам. Эки көзүмдөн кудум эле жамгырдын тамчысындай жаш агып жатты, көөдөнүм буулугуп, ыйлап баратам. «Кош болгула менин сүйүктүү жайларым, кош мен жүргөн көчөлөр, балалыгым жаштыгым өткөн жерлер, кошкула менин жалжал көз курбуларым, баарыңар аман болгула, баары бир бул жерге келгим бар, таарынбагыла, өздөрү өсө албаган, өскөндү көрө албаган ичи тар, ушакчылардын айынан жаралуу куштай жабыгып, жөргөмүштүн торунан чыгып баратам. Желкемден ныгыра басып, шактарымды кыйып, тамырымды кырча чаап, биротоло жок кылгылары келди, бирок түбөлүк мертинте алышпады. Ушуга шүгүр». - Кудум эле буркан-шаркан жамгырдай, жан-дүйнөм да толуп-ташып, деңиздин толкунундай өркөчтөнүп, жан далбас уруп, анан бардык тоскоолдуктарды жеңип чыгып, боюм сергип, эмелеки көңүл кирим тазарып, жеңилдеп да калдым. Аңгыча жамгыр да сээлдей түштү. Аба таптаза, күндүн көзү көрүнө баштады. Ушул ааламда жалгыз өзүм калгандай, жалгыз баратам. Жаныма күү менен машина келип токтоду.

- Кел кызым, олтур. - Токтоо үндү кулагым чалды. Токтой калып, жанымды карадым.- Машинанын артында улгайыңкы кишини көрдүм. Колхоздун башкармасы Абдыкапар аке. Айдоочу алдыңкы эшикти ачты. Олтура берип саламдаштым.

- Саламатсыздарбы?

- Аманчылык, өзүң кандай? Негедир капалуусуң го.

- Сизге ошондой көрүнгөн го. Жумушумдан бошоп, кетип баратам.

- Койчу?

- Чын айтам.

- Эмне, жаңы редакторуңарга кадр керек эмес окшойт сыягы?

- Андай эмес чыгар, бирок жаңынын да жаңы кадры болот экен.

- А сен өзүбүздүн кызсың, сырттан келгендер ушинте берсе... Кой мунуң болбойт, иштей бер, райондогулар баары билет, жазып жатасың, жаштык кылба.

- Башка жерде да иштеп көрөйүн.

- Азыр кайда?

- Ошко баратам. Сиздерге рахмат мен түшүп калайын.

Автобустар токтоочу жайдын тушуна келгенде түшүп калдым. Абдыкапар акеге менин жоругум жакпады көрүнөт, башын чайкай кете берди.

Бир кезде буркан-шаркан жамгыр аралаш кетип, экинчи ирет жаз көктөмүндө кайрылып келдим. Бирок, районго эмес, областтын борборуна ишке орноштум. Чыгармачылык командировкалардын биринде Абдыкапар акеге жолуктум. Базар мамилесин, жер саясатын толук түшүнүп-түшүнбөй бирде бөлүнүп, жеке өзү эптей албай кайра биригип, өйдөылдый болуп турган мезгилде элдин башын бириктирип, бөлүнгөндөр да ага кошулуп, ынтымак менен иштеп жатышыптыр. Сакалдыдагы «Кыргызстан» кооперативин башкарат экен. Өз алдынча болуп, карыз менен иш баштаган чарбанын кассасында акчасы, кампасында буудайы, уну, майы бар экен. Турмушунан кыйналгандар жазылып алып турушат. Кемпирчалга, колунда жокко Абдыкапар аке жардамын аябай, улуусунун насаатын угуп, көйгөй маселелери болсо чечип берейин деп чакыртыптыр. Чарбанын имаратынын жанындагы сөрүдө олтурдук. Айылдын карыялары менен Абдыкапар акенин ага-инидей мамилелерине ичибиз жылыды.

- Ата-баладай, ага-инидей эле болуп калганбыз, деди Кадыркул аке. - Кезегинде бул киши партиялык, советтик кызматтарда иштеп, кадыр-барк, мартаба алган инсан. Көп жылдар профсоюздардын областтык комитетинин төрагасы болуп иштеген. Эл алдында сүйлөй берип, чечен болуп бүткөн киши Абдыкапар аке тууралуу жарым саат сүйлөдү. Көп сүйлөсө да болгонун айтты, чын сырын билдирди. - Азыр эл үчүн күйгөн Абдыкапардай жетекчилер керек, чоңдордун баары эле тээ борбордон келет, эл ичинен чыкпаса, карапайым адамдар менен чогуу иштебесе, алардын жашоошартын түшүнбөсө, көйгөйүн укпаса, пейилин билбесе, анан кантип элге чыныгы кызмат кылып берет. Абдыкапар ушул күнгө чейин эл деп иштеп, өз айылдаштары деп жашап келет. Көп жерде элдин карды нанга тойбой жатса, кудайга шүгүр бизде ачмын деген кишини көрбөйсүң. Азыр ар ким өзү үчүн иштеп, өзүн өзү баксын дегени менен элди да башкарган адам болуш керек. Канткен менен да Абдыкапарга аксакалдар ак батаабызды берип эле келатабыз.

Биз деле сиздердин катарыңарга кошулайын деп, аксакал эле болуп калдык. - Абдыкапар аке сөзгө аралашты.

- Оо али да бар, дагы көп иштейсиң. Алтын башың аман болсун.

Ошол күнү Абдыкапар акенин пленка астында өстүргөн пахтасын көрдүк. Талаа четине келип токтогон машинадан түшөр замат аянтты аралап, тээ ортосуна чейин бардык. Гозолор болумдуу экен. Бир тал пахтаны үзүп алдым.

тигине айылым, ага жакын эле иштеген жайым, эми ошол жерден алыстап баратам. Эки көзүмдөн кудум эле жамгырдын тамчысындай жаш агып жатты, көөдөнүм буулугуп, ыйлап баратам. «Кош болгула менин сүйүктүү жайларым, кош мен жүргөн көчөлөр, балалыгым жаштыгым өткөн жерлер, кошкула менин жалжал көз курбуларым, баарыңар аман болгула, баары бир бул жерге келгим бар, таарынбагыла, өздөрү өсө албаган, өскөндү көрө албаган ичи тар, ушакчылардын айынан жаралуу куштай жабыгып, жөргөмүштүн торунан чыгып баратам. Желкемден ныгыра басып, шактарымды кыйып, тамырымды кырча чаап, биротоло жок кылгылары келди, бирок түбөлүк мертинте алышпады. Ушуга шүгүр». - Кудум эле бурkан-шаркан жамгырдай, жан-дүйнөм да толуп-ташып, деңиздин толкунундай өркөчтөнүп, жан далбас уруп, анан бардык тоскоолдуктарды жеңип чыгып, боюм сергип, эмелеки көңүл кирим тазарып, жеңилдеп да калдым. Аңгыча жамгыр да сээлдей түштү. Аба таптаза, күндүн көзү көрүнө баштады. Ушул ааламда жалгыз өзүм калгандай, жалгыз баратам. Жаныма күү менен машина келип токтоду.

- Кел кызым, олтур. - Токтоо үндү кулагым чалды. Токтой калып, жанымды карадым.- Машинанын артында улгайыңкы кишини көрдүм. Колхоздун башкармасы Абдыкапар аке. Айдоочу алдыңкы эшикти ачты. Олтура берип саламдаштым.

- Саламатсыздарбы?

- Аманчылык, өзүң кандай? Негедир капалуусуң го.

- Сизге ошондой көрүнгөн го. Жумушумдан бошоп, кетип баратам.

- Койчу?

- Чын айтам.

- Эмне, жаңы редакторуңарга кадр керек эмес окшойт сыягы?

- Андай эмес чыгар, бирок жаңынын да жаңы кадры болот экен.

- А сен өзүбүздүн кызсың, сырттан келгендер ушинте берсе... Кой мунуң болбойт, иштей бер, райондогулар баары билет, жазып жатасың, жаштык кылба.

- Башка жерде да иштеп көрөйүн.

- Азыр кайда?

- Ошко баратам. Сиздерге рахмат мен түшүп калайын.

Автобустар токтоочу жайдын тушуна келгенде түшүп калдым. Абдыкапар акеге менин жоругум жакпады көрүнөт, башын чайкай кете берди.

Бир кезде буркан-шаркан жамгыр аралаш кетип, экинчи ирет жаз көктөмүндө кайрылып келдим. Бирок, районго эмес, областтын борборуна ишке орноштум. Чыгармачылык командировкалардын биринде Абдыкапар акеге жолуктум. Базар мамилесин, жер саясатын толук түшүнүп-түшүнбөй бирде бөлүнүп, жеке өзү эптей албай кайра биригип, өйдөылдый болуп турган мезгилде элдин башын бириктирип, бөлүнгөндөр да ага кошулуп, ынтымак менен иштеп жатышыптыр. Сакалдыдагы «Кыргызстан» кооперативин башкарат экен. Өз алдынча болуп, карыз менен иш баштаган чарбанын кассасында акчасы, кампасында буудайы, уну, майы бар экен. Турмушунан кыйналгандар жазылып алып турушат. Кемпирчалга, колунда жокко Абдыкапар аке жардамын аябай, улуусунун насаатын угуп, көйгөй маселелери болсо чечип берейин деп чакыртыптыр. Чарбанын имаратынын жанындагы сөрүдө олтурдук. Айылдын карыялары менен Абдыкапар акенин агаинидей мамилелерине ичибиз жылыды.

- Ата-баладай, ага-инидей эле болуп калганбыз, деди Кадыркул аке. - Кезегинде бул киши партиялык, советтик кызматтарда иштеп, кадыр-барк, мартаба алган инсан. Көп жылдар профсоюздардын областтык комитетинин төрагасы болуп иштеген. Эл алдында сүйлөй берип, чечен болуп бүткөн киши Абдыкапар аке тууралуу жарым саат сүйлөдү. Көп сүйлөсө да болгонун айтты, чын сырын билдирди. - Азыр эл үчүн күйгөн Абдыкапардай жетекчилер керек, чоңдордун баары эле тээ борбордон келет, эл ичинен чыкпаса, карапайым адамдар менен чогуу иштебесе, алардын жашоошартын түшүнбөсө, көйгөйүн укпаса, пейилин билбесе, анан кантип элге чыныгы кызмат кылып берет. Абдыкапар ушул күнгө чейин эл деп иштеп, өз айылдаштары деп жашап келет. Көп жерде элдин карды нанга тойбой жатса, кудайга шүгүр бизде ачмын деген кишини көрбөйсүң. Азыр ар ким өзү үчүн иштеп, өзүн өзү баксын дегени менен элди да башкарган адам болуш керек. Канткен менен да Абдыкапарга аксакалдар ак батаабызды берип эле келатабыз.

Биз деле сиздердин катарыңарга кошулайын деп, аксакал эле болуп калдык. - Абдыкапар аке сөзгө аралашты.

- Оо али да бар, дагы көп иштейсиң. Алтын башың аман болсун.

Ошол күнү Абдыкапар акенин пленка астында өстүргөн пахтасын көрдүк. Талаа четине келип токтогон машинадан түшөр замат аянтты аралап, тээ ортосуна чейин бардык. Гозолор болумдуу экен. Бир тал пахтаны үзүп алдым.

Колума толо түштү. Көчөт Абдыкапар акенин боюна жете түшүптүр.

- Бул ыкманын кандай артыкчылыгы бар экен?

- Артыкчылыгы ого эле көп. - Абдыкапар аке күлө сүйлөдү. - Кытайлыктардын билбегени жок. - Пленка астындагы көчөттүн түбүндө ным дайыма сакталат экен, ошого жараша топурак да жумшак болот, отоо чөп аз чыгат, өсүмдүк жылуулукту өз боюна тез сиңирип, кадимкидей өсүп жаткан көчөткө караганда жыйырма күнчө эрте бышат, ушул ыкма айрыкча биздин шартыбызда колдонууга пайдалуу экен. И баса түшүмдүүлүк да жогору болот. Ушул жерден эле гектарынан 45 центнерден кем эмес пахтанын түшүмүн алабыз.

- Жакшы экен, дегиси дыйканга оомат берсин. Анда биз кайталы, башкаларга аңыз кеп кыла турган жакшы иштериңиздер бар экен.

- Ырахмат силерге, келип тур кызым. -Абдыкапараке жылуу коштошуп, узатып койду. Машинада келатып, ушул кишини эстедим. Ойлоп көрсөм кызык эле жан болуптурмун. Жаш кезде, болгондо да ойноп-күлөөр, жигит күтүп, каткырыкты таштап коюп, жаштыктын ырахатын көрөр чакта деле гүлгүн куракты ишке арнаптырмын. Журналистиканын сыйкырынан бошой албай, таң агарып аткандан каш карайганга чейин иштеп, кээде он-он беш мүнөт бош калган убакыт үчүн да кейип-кепчип, деги айтып берсем туура эмес кылыптырмын деп ойлойм. Балалыктын кызыгы, жаштыктын кызыгы, анан карылыктын да өзүнчө кызыгы болот тура. Ошол кызыкты өз кезегинде баштан кечирүү да бөтөнчө кызык тура. Ошентип, иштеп жүрүп, биреөлөрдүн колдоосу менен эмес, өз эмгегим менен партияга өттүм.

- Бюро жүрүп жаткан. Суроолорго такалбай жооп берип бүттүм. Биринчи катчы бюро мүчөлөрүнө дагы кайрылды.

- Кимде суроо бар?

- Менде, -деди Абдыкапар аке. -Бу сен кызым аңгеме, новелла жазбай койдуң го?

Кызык суроо. Устав, Программага тиешеси жок. Баары бир жооп бериш керек.

- Жазып жатам, бирок баарын эле гезитке берүүгө болбойт да.

- Жаза бер кызым, гезитке чыккыдай, окурман окугудай кылып жаз, жазуу сенин келечегиң.

Ушул жөпжөнөкөй суроонун артында кубаныч да ишеним да бар экенин туйбаптырмын. Билбейм ушул кишилердин тарбиясын алып жүргөнүмдү убагында сезбептирмин да,

көрсө биздин муундун устаттары көбү «оңой жоо эмес» дегендей эле оңой адамдар болбоптур.

* * *

Абдыкапар акени талаадан кезиктирдим.

- Суроо берейин жооп берип коесузбу?

- Видеотасмага түшүрөйүн дейсиң го?

- Ооба, жасалган иштерди өз оозуңуз менен айтып бергениңиз оң го.

- Мейли анда, эмне деп суроо бересиң. Көптөн бери гезитке жазылбай, телерадиодон берилбей калдык эле. Баягы Усубалиев дале иштеп жаткан турбайбы дешсин тааныгандар. - Абдыкапар аке тамаша-чыны аралаш сүйлөдү да, карс-карс күлүп койду.

-Абдыкапараке сиз тууралуу жазсамбы деп жүрөм. - Интервью алып бүткөндөн соң берген суроомо таңдана сүйлөдү.

- Мен жөнүндөбү?

- Ооба сиз жөнүндө, ар тараптан тажрыйбаңыз мол, билбегендер болсо билип алышсын, билгендер да өтө тереңирээк билишсин дегеним, балким кийинки муундар жана өз балдарыңыз үчүн үлгү болор.

- Мейли, бирок мен эле эмес, менин айылдаштарым тууралуу да жазгын, оо бу Кыргызстан деген чакан айылда не деген жакшы адамдар чыккан. И баса менин жазгандарым бар эле, ошону сага берейин, кереги тийип калар.

Талаадан кайтканыбызда Абдыкапар аке иш бөлмөсүнөн оо бир топ кол жазмаларды алып берди.

Эмгек отпускамдын биринчи күнүндө колума алганым Абдыкапар акенин кол жазмалары болду.

## Атам жана менин айылдаштарым

«1934-жылдын 21-февралында жарык дүйнөгө келиптирмин, мен төрөлгөн айыл Кыргызстан, аты бараандуу угулганы менен чакан эле айыл. Атам менен апамдын да киндик кан тамган жери ушул. Бирок, атам Үркүнбаев Усубалинин чоң аталарын таластык дешчү. Ошондон болсо керек, айрымдары «аркалыктар» деп тамашалашып коюшар эле. Атам медреседен окуган, айылда чоң молдо эле. Апам Анар да ушул

айылдагы өз оокатына тың үй-бүлөдөн чыккан. Дегиси биз тың жашадык.

Улуу Ата-Мекендик согушка чейин, андан кийин деле Кыргызстан айылында жүзгө жетпеген үй-бүлө жашаган. Бу айылыбыз чакан болгону менен «Чалке», «Көз жаман», «Тозгуучу», «Тулга», «Чек» деп аталган майда кыштактардан турчу. Менин балалык чагым мына ушул «Көз жаман» кыштагында өттү. Неге «Көз жаман» аталып калгандыгы тууралуу ар кандай пикирлер айтылып жүрөт. Алардын биринде минтип айтылат. Бир кезде ушул жерде жүрөгү таза, жан дүйнөсү деңиздей чалкыган бир акылман жашаган, аны айылдыктар «көзү бар», «көздүү» дешчү. Бу адам бирөөгө түз ою, жакшы ниети менен караса, жакшылык болуп, анан капыстан бирөө аны кандайдыр бир жоругу менен наразы кылып койсо, кырсыкка учураган дешет. Ушул кишинин көзүнө чалдыгып, аны наразы кылбоонун аракетин кылышкандар көп болуптур. Ошондон улам ушул акылман жашаган жер көбүнө дайын болуп, кийин «Көз жаман» аталып калыптыр.

Ушул чакан айылда ошентип улам белгилүү инсандардын изи калып келет. Алар баскан жолду кийинкилер улайт. Алардын көпчүлүгү Кыргызстанга гана эмес, тээ Союзга дүркүрөдү. Генерал Эргеш Алиевди кимдер гана билбейт. Тээ катаал кезде ыктыярдуу отряд түзүп, элдин тынчтыгын сактап, укугун коргоп, мамлекетибиздин чыңдалышына салымын кошту. Чынында республикабыздын ички иштер башкармасынын акими болуп иштеген бул инсандын эмгеги чоң. Ушул эмгеги үчүн Кыргызстанда биринчи болуп, генерал деген наам алган туңгуч генерал.

Атактуу айылдаштарымдын катарын тизмелей келсем, дагы бири Кадыркул Абдыразаков. Бу киши партиянын нанын жеген инсан, көкүрөгүндөгү төш белгилери да анын чаалыкпас эмгегинин үзүрү. Кыргызстанга, Союзга бир нече жолу депутат болгон. Көкүрөгүндөгү «Даңк» орденин да бекеринен алган эмес. Азыр болсо айылдын ардактуу адамы.

Эргеш Алиевдин уулу Эркин Алиев тууралуу да кеп кылсаңыз узун сабак. Учкай гана сөз, бул инсан партиянын райондук комитеттеринде биринчи катчы, Талас обласынын аткаруу комитетинин төрагасы болуп иштеди, профсоюзга да эмгек сиңирген киши. Областыбызда жаратылышты коргоо комитетин башкарды, Кыргыз республикасынын жаратылышты коргоосуна эмгек сиңирген кызматкер, Кыргызстан Жогорку Кеңешине көп ирет депутат болуп, калк үчүн бараандуу иштерди жасагандыгын көбү билет, ал эми азыр ардактуу эс алууда.

Уккандар Абдыкапар мактаныптыр дешээр. Бирок, мен да жөн жеринен мактанып жатканым жок. Бир кезде оо депутат деген кандай улуу адамдар эле. Ошолордун бири кезегинде Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешине депутат болгон инсандар Сатыбалды Ахмадалиев, Сырга Ташатов.

Биз жаш кезде Төлөн аке колхоздо башкарма болгон, адам катарында дурус киши болучу. Бирок, «какаганга муштаган болуп» чарбанын иши да жүрүшпөй калды. Ал да ооматка жараша болот окшойт, ооматы да кете баштаганбы. Ошентип, Төлөн акенин ишин партиянын райкомунун бюросунда карап, өзүн ээлеген кызматынан бошотуп салышты. Бирок, колхоздун эли түп көтөрө чыгышты. «Бизге Төлөн Бегматовдон башка раистин кереги жок, өзү иштей берсин, бизге жетекчилик кылса болгону, а жумушту өзүбүз эле бүткөрөбүз. Бегматовду раистик кызматында калтырышыңыздарды суранабыз».

Ошондо элдин ынтымагына, бири-биринин башына оорчулук келсе, таяныч боло билер биримдигине башкалар таң калышты. Төлөн аке ошол жердин кулуну болгондуктан, өз кадрын сактап калууга далбастаган элдин маанайын көрүп чындап кубанасыз. Ошондой элден миң мертебе айлансаң болот тура.

Ушул маселе менен партиянын райкомунун экинчи катчысы Кадыркул Абдыразаков келди. Аны айылдыктар күүшаа тосуп алышты.

- Ардактуу ага-инилер, менин туугандарым өзүңөр билесиңер мен да ушул жердин кулунумун. Төлөн да силердин балаңар. Бирок, чарбанын иши начарлап кетти, ошондуктан, бул жерге иштин көзүн билген, демилгечи жетекчи керек, партиянын жүргүзгөн ишинин саясаты да силердин келечегиңер үчүн, демек силер туура түшүнүшүңөр керек.

Буга чейин өз сөздөрүн бербей турган адамдар Кадыркул акенин сөзүнө ынангандай унчукпай калышты.

Кантсе да алардын жүзүнөн Төлөн акени кыя албаган, аргасыздыктан макул болгон белгини көрүүгө болор эле.

«Көрсө бетеге кетип бел калат, бектер кетип эл калат» турбайбы. Анткени, бу айылга да канча башкарма келди, барып эле баягы эле эл, ошол башкармалардын канчасы кетти, анан да баягы эле эл калды. Сатыбалды Акматалиев да жетинчи класстык билими менен колхоздо эл башкарды. Бар болгону агрономдук алты айлык курсту бүтүрдү. Сакалдыдагы МТСте /машина трактордук станциясында/ агроном болуп жүргөн жеринен келди. Бирок, ушул кишинин эмгекчилдиги укмуш эле. Качан көрсөңүз талаа кыдырып, бирде чарбанын бул тарабында жүрсө, бирде башка жеринде күйүп-бышып

жүргөнүнө көзүңүз чалдыгат. Иш десе ичкен ашын жерге кое салчу да, ордунан шарт туруп жүрүп кетчү. Кыргыз республикасынын Жогорку Кеңешине депутат кылып шайлашты. Эл ишенимин жакшы аткарды.

Булар кийинкилер үчүн чоң жол салып беришти. Азыр да айылдыктардын уучу атактуулардан куру эмес. Канчасы эми деле эл керегине жарап жатат, өздөрү иштеген аймактарда белгилүү. Булар Кыргызстандыктардын кай жерде болбосун сыймыгы, ар-намысы. Алсак, Адыл Бекназаров Өзгөн районунда, Сыдык Абдуллаев Кадамжайда прокурор, Абдикамил Усубалиев республикабыздын ички иштер министрлигинде иштейт, Ашир Орозалиев Ош шаардык ички иштер бөлүмүнүн акиминин орун басары, Тиркеш Дарбанов «Кыргызнефть» өндүрүштүк бирикмесинин бургулоо иштер башкармасынын директору. Булардын да жолун улантуучулар бар, алардын жолун эми кийинкилер улайт.

Өткөнгө көз кырымды салсам, менин балалык чагым кичинекей болгону менен мен үчүн эң кымбат, эч бир жерге алмаштыргыс, мага тээ Москвадан да чоң туюлган Кыргызстан айылында өттү. Башкалардай эле менин да балалык чагым оор мезгилге туш келди. Эл эми ачарчылыктан чыгып, буттан туруп, турмуш оңоло баштаганда апаат согуш чыкты. Канча менмин деген жигиттер кан майданга аттанышты, алардын катарында менин эң жакын адамым - атам да кетти. Атам согушка чейин кампачы, пахта бригадири, ферма башчысы болуп иштеди. Айылда кадыры бар эле, эмгекчил, бирөөнүн акысына көз артпаган, бизди да ушундай таза жашоого тарбиялаган инсан болчу. Согуштун башынан акырына чейин от кечип, Венгрияда колго түшүп, көргөн азап-тозокторун бизге айтып берсе бүтпөс дастан. Биздин бактыбызга атам согуштан аман кайтты. Бирок жогорку жактагылардын айтканына карабай, жетекчилик кызматтарга иштөөдөн баш тартты. Ошондон өмүрүнүн акырына чейин бүткүл жан-дүйнөсүн тазартып, дин жагына өтүп, айылдын молдосу катарында жөпжөнөкөй жашап өттү.

- Балам катарыңдагыларга, кийинки урпактарыңа үлгү болом десең, ак жаша, бирөөнүн акысын жебе! -Мен балалыгымда улам-улам айта бергендиктен ушул сөзү азыр да кулагыма жаңырат. Билем аш-тойлордон түшкөн жандык болобу, же буюм болобу колунда жокторго таратып берер эле. Бул биз балдарга көбүнчө жакчу эмес. Бир курдай атама айтууга аргасыз болдум.

- Ата биз да чоңоюп келатабыз, элге бере бербей чогултсаңыз болбойбу?

Бул сөз атама жакпады көрүнөт, кабагы түйүлө түштү.

- Балам бул сөзүңдү ойлонуп айтып жатасыңбы? Билбесең билип кой, мунуң биринчи да, акыркы да сөзүң болсун. Мен силерге, силердин балдарыңарга берип жатам, элге канча берсем, алла таалам да силерге буюрганын берет. - деbеспи. Атама каяша айта албадым. Ойлоп көрсөм атам кийинкини көрө билген киши тура. Айткан кебинин чындыгына көзүм жетти. Кудайга шүгүр бу жараткан бизди жакшы нерседен кур койгон жок. Агам Абдыжапар жогорку билим алды, мектепте иштеп жүрүп, ички иштер кызматына өттү, «майор» деген наамы менен эс алууга чыкты. Иним Абдыманап гидротехник, агам да, иним да оокаттарына тың, балдары да жакшы өсүштү.

- Силердин атаңар менен апаңар жакшы адамдар болушкан, алардын арбагы азыр да силерди колдоп, кудай силерге берип жатат, - деп айтып калышат айылдаштарыбыз. Буга кубанабыз. Демек, ата жакшысы балдарга урмат тура. Чынында атам Усубали эмгекти сүйгөн, бешене тери менен жашаган инсан болчу. Ошондон улам согуштан келгенден кийин Сакалды аймагында өз оокатыбызга тың жашадык».

... Абдыкапар акенин күндөлүгүнүн ушул жерине келгенде тык токтодум. Көз алдыма менин каарманымдын орто бойлуу өспүрүм кездеги турпаты тартылды. Ошондо да азыркыдай оор басырык белем. Байкашымда ата-эне деген эч кимге алмаштыргыс улуу касиеттүү адамдардын сөзүн эки кылбай, өтө урматтагандыгы көрүнүп турат.

Алардын турмушунда бир күнү күтүлбөгөн чоң жаңылык болбоспу. Атасы Усубалинин экинчи аял алганын уккан өспүрүм чочуп кетти. Капыстан асманды ала булут аралап, чагылган чартылдап, денени көзөп өткөндөй бүткүл бою күйүп-жанып, алоолонду да калды. Угушун угуп алып, денеси титиреди. Апасы Анар эженин күйбөгөн жаны күл болду. Булардын кандай абалда калгандыгын сөз менен айтып түшүндүрүү кыйын эле. Бала апага жакын келет эмеспи, ого бетер балдар энеге ыктоо тартып, көңүлүн оорутпоого, жүрөгүн сыздатпоого аракеттеништи. Бала үчүн ата-эне бирдей, атасынын жоругун канчалык туура көрүшпөй турса да эч кимиси атасына тике карап, «мунуңуз туура эмес» д еп айта алышпады.

Ушул тапта Абдыкапар аке менин бет маңдайыма отуруп, өткөн-кеткенди өз оозу менен айтып берип жаткандай сыяктуу тариздe. Күндөлүккө сүңгүп кирип кеттим.

«Ата-энени экинчи ирет жасап, же таап алууга болбойт. Алардын көңүлүн оорутуу кечиримсиз иш, сен канчалык

ата-энени сыйласаң, балдарыңдан ошол сыйды аласың. Дүркүрөгөн байлыктан да, урмат-сый артык деп ойлойбуз. Сен жана сенин үй-бүлөң чөйрөдө кадыр-барк тапса, эл урматтаса ошол сенин байлыгың. Мактанбасам, ушул байлыктан кур калган жокпуз.

Бирок, атам бизден башка жашап калды. Бизден да кабар алып, тиричиликке каралашып турчу. Ал эми апам атамдын келишине каршы эле, «келбесин» дечү. Ошондон улам атам сейрек каттоочу болду, биз барып турчубуз. Атамдын экинчи аялынын аты Мээри эле, ага анчейин боор берчү эмеспиз, бирок атамдын кадыры үчүн капа кылбай, урматтоочубуз. Атам ошол аялынан эки кыздуу болду. Карындаштарыбыз Макпуза жана Акпуза өтө мээримдүү, кичи апабыз азыр да тирүү, уул үйлөп, кыз берсек, жууркан-төшөктөрдү ошол жасайт, бизге төгүлүп-чачылып мээримин төгүп турат. Кала берсе, мурдагы күйөөсүнөн Махамад деген уулу да бизге жакын. Колунан көөрү төгүлгөн жыгач уста, ошол өнөрүн бизден аябайт.

Ата-энени баланын маңдайына түбөлүк койбойт экен. Атам каза болгондо бу аалам будуң-чаң түшкөндөй, жандүйнөбүз эңшерилип, бардык кызыкчылыктан, бардык жакшылыктан кол жуугандай кейидик. Биз канчалык буркурап ыйлап, сыздаганыбыз менен атабызды кайра кайрып ала албайт экенбиз. Кийин да турмуш улана берди.

Корообузда чоң бак эгилген, аны атам өз колу менен отургузган. Анын үстүнө үйүбүздүн артында атам караган колхоздун алты - жети гектарды ээлеген багы бар эле. Алтымышынчы жылдары пахта эгебиз дешип бир тобун койбой кыйратып салышты, 1997-жылы анын эки гектарына кайрадан мөмөлүү бак-дарактар отургузулду.

Улам жаш өткөн сайын өткөн күндөрүңдү эстейсиң, ойлоп отуруп, бала болуп да кетесиң, балалык ар убак апа менен өтөт. Биздин апабыздын аты Анар. Аты айтып тургандай кызыл жүздүү. Бою кичине болгону менен карылуу аял эле. Ошондон улам таятам Жоро ыраматылык «апаңар келатканда жерден үн чыгып, алыстан эле билинет» деп тамашалап калчу. Үч бир тууганым чоңоюп, эрезеге жетишинде апамдын чоң эмгеги бар. Согуш мезгилинде бир катар аялдар балдарын бага алышпай набыт кылып алышты. Апам бардык күчүн бизди тарбиялоого жумшап, ач калтырбады, кийимсиз өстүрбөдү. Апамдын эмгеги менен билим алдык, өсүп жетилдик. Күн сайын малын жетелеп, башына бешик көтөрүп, талаага кетчү. Кетээрде казанга сүт куюп, көжө бышырып, бизге калтырчу, апам иштен кайтканча көжө иччүбүз. Жумуштан

келгенде апамды чурулдап тосуп алчубуз, үйдө да тыным алчу эмес. бизди тамактандыргандан соң, эл кызуу уйкуга кирген-де эккен шалысына суу коюучу, дан бышканда түндөсү оруп келип, жайып, кургатып, жанчып алчу. Муну билген активдер кээде көрсө да көрмөксөн болчу. Себеби, аял башы менен тырышып иштеп жүргөндүктөн, аман-эсен балдарын багып алсын дешчу. Анткени, ал мезгилде буудайды оруп эмес, машак терген да жазасын алчу.

Түндө ойгонуп кетип, көбүнчө апабызды ордунан таппай калчубуз. Агам Абдыжапар иним экөөбүздү ойготуп «апам жок, жүргүлө, сыртка чыгып, чакыралы» кетчү. Чоң кораобуздун ичинде үч түп улама тыт бар эле. Ошонун түбүнө келип алып «апалап» кыйкыра берчүбүз. Бир убакта таятам басып келчү да, апамдын жоругуна кейип кетчү.

- Жанагы жаны жок апаңар дагы буудайдын машагын кыркканы кетиптир да, жүргүлө, чурулдашпай уктагыла. Атаңар согуштан эсен келип, жаныңарда жүрсө шордуу апаңар мынчалык кыйынчылыкка түшпөйт эле. Атаңар да келет, силер да адам болосуңар балдарым, анан булардын баары унутулат, - деп маңдайыбыздан сылап, үйгө жетелеп кирип, жаныбызда көпкө чейин божурап сүйлөп отуруп, бизди соорото, алакысытып турчу. Бир кезде чарчап-чаалыгып апам келчү. Анын турпатын көрүп турса да, ичинен кейигени менен апамды жемелеп кирчү.

- Балдарды дайыма жалгыз таштап кетесиң, чочуп калышса не болот? Мунуң жарабаган иш, экинчи ирет минтпей жүрсөңчү?!

- Анан кантем ата, билип туруп айтасыз, же жасап бере турганым болбосо, кылбайын десем, ачка кезерип булар олтурса, атасы согуштан кайтса, аман-эсен колуна тапшырсам дегенде эки көзүм төрт, жыргап кеткенимден ушинтип жатамбы? -Кейип сүйлөгөн апам шолоктоп ыйлап алчу. Ошол ый аралаш алып келген буудайдын башын малканага жайып, сыртынан кулпулап койчу. Согуштун апаатынан ачарчылык күчөдү, уурулар да көбөйдү. Жаш баладан карыга чейин азап чекти. Балдарын бага алышпай таштап кеткендер болду. Апам бизди араң багып жатканы аз келгенсип «эгерде аман чоңоюшса силерге эже-ини болот» деп бир бала, бир кызды багып алды. Ошолордун бирөөсү азыр тирүү, ондогон неберелери бар. Ошондо апамдын бул энелик мээримин көргөндөр ага ыраазы болушту.

Биз да чоңойдук, үйлөндүк, балага ата-эне болдук. Апам неберелерине өз башынан өткөнүн айтып берсе, алар «чоң эне бизге дагы жомок айтып бериңиз», дешет. Анда

айтор, мектепти бүтөрү менен мугалим болуп калды. Өзү бала болуп туруп балдарга сабак берди.

- Аке сиз жетинчи класс билимиңиз менен кантип бала окуттуңуз?

Бир курдай ушинтип сурап калдым эле, күлө карап:

- Ушинтип эле. Мезгил өзү тарбиялап коет. Бирок, сабактан кийин деле өзүм окуткан балдар менен чогуу ойной берем. Эртеси кадимкидей каадалуу сүр менен сабак өтөм. Баары бир билим жетишпей кийин педагогикалык окуу жайын бүтпөдүмбү, анан институтту . . .. Алдын ала баарын биле бербейсиң. Андан соң кызматты өзгөртүүгө туура келди.

Агам жашоосуна курсант, ички иштер бөлүмүнө да өз каалоосу менен өттү, жаман иштеген жок, кадыр-барк алды. Азыр болсо эс алууда, балдары менен неберелеринен урматсый көрүп турган кези. Бирок, ачуусу тез, айрым убактарда ошол тездигинен териштирбей туруп, күнөөсүз кишини капа кылып коймоюу бар. Кийин ошол айыбын оңдогуча шашат, кеч болуп калганы менен иши жок, азыр Кочкор-Ата шаарчасында аксакалдар сотун башкарат. Ошентсе да, бир туугандык асыл касиеттери бар, жакшы адам.

Иним Абдыманап 1939-жылы туулган, мектепти бүткөндөн кийин түрдүү иштерде иштеди, баарында тең жаман иштеген жок. Азыр болсо чарбада суу техниги. Жаш болсо да, айыл аксакалдары менен бирге жакшылык менен жамандыкта эл ичинде болот, алардан жакшылыгын аябайт, иш десе ичкен ашын жерге кое билет, ошогобу, айтор ал тууралуу айылдаштарынын пикири жакшы.

Кыз бала илгертен боорукер келет эмеспи. Карындаштарым Макпуза менен Акпуза өтө боорукер, башыңа кыйынчылык түшсө, же сыркоолоп калсаң, кашыңда жадырап-жайнап, жалооруп турушат.

## Балалык доор өзу балмуздак

Менин балалыгым согуш мезгилине туура келди. Бирок. Кандай кыйынчылык болсо да балалык доор өзүнчө балмуздак тура. Оюндун кызыгына батканда баары унутулат. Төрөлгөндө мага туулгандыгым тууралуу күбөлүк алынбаптыр. Атам менен апам «сен отуз алтынчы жылы туулгансың, анан кантип отуз төртүнчү жыл болуп калдың экен, таң калыштуу» дешчу. 7-классты бир миң тогуз жүз элүү биринчи жылы бүтүрдүм, жети жашымда мектепке кирдим. Демек, бир миң тогуз жүз отуз алтынчы жылы туулган экенмин көрсө. Кеп ме-

нин мурда же кийин болбосо канчанчы жылы туулгандыгымда эмес, албетте. Маанилүүсү ошол өмүрүмдө мен кандай жашадым, элге пайдам тийдиби артыма урунтуктуу из калтыра алдымбы, мына ушунда турат.

Өткөн өмүрүмө өзүм да канаттана аламбы, кээде ичимден ушул суроого өзүм жооп издейм. Ойлоп көрсөм эмгек жолумда элүүнчү жылды тосуп алып, элүүнчү күздү узатыпмын. Алгачкы эмгек жазымда аттын жалын кармап, пахтанын катар аралыгына түшкөнүм эсимде. Анда трактор менен жүрүү кайда. Ошондо жети жашта элем. Балтыр эти ката элек мен сыяктуу балдардын жардамына көз чачыраган мезгил.

Эсимде Турдукул аба бригадирибиз. Колуна нанды салмактап турду да: - мына силердин акыңар, агат кармаганыңарга эки нан, ал эми аттын үстүндө жүргөнүңөргө бир жарым нан, - деди бизге. - Бүгүн жакшы иштедиңер, эртеге мындан да эрте келгиле, бүтүп ийели. - Иштеп акы алууга жарап калганыбызга корстон болуп турган бизге бригадир ыраазы боло бизди каадалуу кишиче тутуп сүйлөдү. Наныбызды колтугубузга кыскан калыбыбызда атка учкашып алып, дыр койдук, узатасынан кеткен аянттын четинен бедеден оруп, атка артып алдык да, үй-үйлөрүбүзгө карай жөнөдүк. Чарчаганыбыз ар бирибиздин жүзүбүздөн байкалат, дене боюбуз талыкшып кирпиктерибиз ирмелип араң келебиз, күндө ушул.

- Артисттер келишиптир. - Көчөнүн топурагын ызгытып, жыңайлак буттары менен чуркаган майда балдардын чурулдаган үндөрүнөн ат үстүндө келе жаткан биздин көзүбүз умачтай ачылды.

- Кайдан келиптир?- Ат жалынан өбөктөй жаш балдарга үн салдым.

- Билбейм,-беттери чамбыл ала болгон кичинекей бала ийин кысты.

- Чооң шаардан го. - Мурдунан суу куюлган экинчиси каадалуу адамдай сүйлөдү да, мурдун «шыр» тартып койду

- Чу, чу, кеттик, жуунуп алып концертке барабыз. Баарыбыз атка камчы урдук да, ан сайын топуракты ызгытып ат добушун дүбүрөтүп чаап жөнөдүк. Бийикке көтөрүлгөн чаңдан бир-бирибиздин жүзүбүз көрүнбөй калды.

Эптеп шаша-буша жуунуп, өзөк жалгагандан соң, бирбирибиздин артыбызга учкашып алып, колхоздун кеңсеси тарапка, концерт көргөнү жөнөдүк. Эмелеки чарчоо унутулган. Мындай убак көп болот. Ыры болсо муюп угуп, күлкүлүү интермедиясы болсо каткырып күлүп көрүп, түн оо бир оокумда үйүбүзгө кайтып, эртеси мектепке кетип, мектептен кийин кайрадан талаага пахтага жөнөчүбүз. Биздин балалыгыбыз

ушинтип өттү. Шартка жараша окууну да, ишти да таштаган жокпуз. Ошондо биз пахтага агат салсак, азыркы кайнатам Ысак, пахтага суу койчу. Бир күнү эгиз балалуу болду. Мен таңдана суроо узаттым.

- Кантип эгиз балалуу болдуңуз, кийин дагы аялыңыз эгиз төрөйбү, балдарыңыз менен кыздарыңызчы? -Маанисин дурус түшүнбөй ага баш катырган ыңгайсыз суроолорду бергеним эсимде. Анда бул киши тек гана :

- Чоңойгондо билесиң, - деп койду. Тагдырдын буюрганы экен, ошол кишинин тун кызына үйлөндүм. Ал мага моурайган эгиз кыздарды төрөп берди».

Ак баракка шурудай тизип жазылган кол жазмаларды улам барактайм. Андан бирде Абдыкапар акенин балалык чагынын элеси келсе, бирде чартылдаган жаштыгы көрүнөт, а бирде токтоо тарткан курагы, дегиси ар биринен ошол доорго таандык мүнөз сезилет, бирин-экинчисине салыштырып көрөм. Кол жазманын аягына чыкканча шаштым кетет. Урматуу окурман, гүл бурак жаштыктын лаззаттуу сүйүүсүнө сиз да ортоктош болуңуз.

## Ашыктыктын азабы

«Мектебибиз жети жылдык, азыр ойлоп көрсөм ошол кезде бул мектепке кыйын деген дасыккан, тажрыйбасы мол мугалимдер топтолуптур. Сыноо мезгилинде Арал, Сакалды, Чоң-Багыш мектептеринин төртүнчү жана жетинчи класстарынын окуучулары бизге келип экзамен тапшырышчу. Сакалдыдан Барина деген татынакай кыз келчу. Ошол кызга ашык болдум, көрбөсөм көргүм келип туталанам. Караанын көрүнгөндө бүткүл денемди от-жалын каптап, турган жеримде колу-бутум калтырак басып, эңги-деңги болом. Сүйлөйүн десем сүрдөнөм, оюмду айтайын деп алдастайм, кыскасы ашыктыктын азабына чырмалдым да калдым, бассам-турсам элеси көз алдымда чимирик болуп айланат. Мектепке бараткам, атам үн салды:

- Абдыкапар сени Сакалдынын балдары өлтүрүп, кудукка салып жиберебиз деп атат, түндөсү жүрбөгүн - Атамдын сөзүнө анчейин этибар бербедим да, мектебиме кете бердим. Кулак да салбаптырмын. Баринага ашыктыгымдын күчү алоолонуп жанган оттун жалынынан да күчтүү болчу.

Эх Барина, Барина каалайсыңбы, сени менен кол кармашып алып, талаа кезип, тээ алыска-алыска чогуу кетким келет, сени коруган, кызганган балдар да мени эч нерсе кыла

албайт», Сакалдыга жалгыз баратып ичимден ушинтип ойлоном.

Көрсө балалыктын сезими өтө күчтүү болот турбайбы, окуучулук кезде деле балабыз да.Бешинчи-алтынчы класстарда малчынын Тоту деген кызына ашык болгонумду унутпайм. Алыста болсом карaанын көрсөм кылчактап карайм, жанынан имерчиктейм, мунумду атам байкап калган го. Бир күнү «Сени үйлөп коелу», деди. Мен ага ишендим. Чын эле үйлөнүп алсам, күндүгө Тоту жаңы ачылган гүлдөй болуп маңдайымда,каалаcак жанаша олтуруп алып сүйлөшөбүз, каалаcак ээн-эркин кубалашып ойнойбуз, чогуу гүл теребиз, эч кимге өөн учурабайт, анан экөөбүз дастаркон четинде олтуруп алып чай ичебиз». Ичимден ойлонуп өзүмчө кудуңдайм. Көрсө атам жөн эле тамашалап айтып коюптур. Бирок, ал кездеги сүйүү эч бир айыпсыз, таза жана тунук сүйүү болгон экен. Бир ирет көрүп коюунун өзү чоң бакыт боло турган. Ак чиркин, сүйүү деп ушуну айтыңыз, баары таза, баары булактын суусундай тунук, ошондогу керемет сүйүүнү эч нерсеге, эч бир буюмга алмаштырууга болбойт, ашыктар үчүн бардык жерде гүл өнгөн, теребел да гүл, кармаган буюмуң да татына, сен ашык болгон кыздын бөбөгүнөн тартып, үйүндөгү итине чейин жакшына, эч бир кынтык таба албайсыз, ал эми ашыгың болсо күн нурунан бүтүп, кадимки айдан түшүп келген ай пери, жан дүйнөнү алдейлеп, ысык отко түшүргөн ашыктыктын азабына окуучулук доордо көп эле түштүк го.

## Окуучулук күндөр ай

Мактангандык эместир, мектепте жакшы окуучумун. Айрыкча Манапжан Абдимиталипов экөөбүз атаандаш элек. Кимдин «беши» көп болсо, мугалимдин жанын койчу эмеспиз.

- Агай эмне учун Капардын «беши көп», меники аз?

- Эмнеге Манапжанды сурай бересиз?

Теңтайлашып отуруп, сабакта ар убак жооп берчүбүз. Анан да классыбызда Рамат, Расул, Кайры, Арзы, Рахман өңдүү бизден жаштары бир топ улуу балдар-кыздар окуучу. Алар топ чапмай менен чики чапмайды окутушчу . Кээде аларга биз да кошулчубуз, бирок билчу эмеспиз, анан Манапжан экөөбүз алардан ажыроого аракет кылчуубуз, тигилер болсо эркибизге койбой кошуп алышчу, баары бир бизден оюндун мыктысы чыкчу эмес. Биздин жан-талашып окуганы-

бызды көрүп, «Бу силерден бир деме чыгат, чоң болосуңар го», деп калышчу. Чынында алар кийин окубай калышты.

Эсимде, биз жетинчи классты бүтүрдүк. Анан бүткөнүбүздү жуумай болдук. Ошондо чоң балдар бизге арак ичүүнү үйрөтүштү. Биринчи жолу жыты мурун өрдөгөн, бизге жагымсыз көрүнгөн ачуу арakты мурдубузду чүйрүп-чүчкүрүп-бышкырып олтуруп ичтик. Ушунун өзү бизге кызык көрүндү, ким иче алат деп, отурушта бир-бирибизди андыганыбызчы.

Окуучулук күндөр кызык. Ар бир күнүбүз өзүнчө кызык. Бир күнү балдар айтып калышты:

- Жүргүлө балдар, Кожоназар акенин коон - дарбызына уурулукка барабыз.

- Көрүп койсо уят го. Кармап алса таяк жейбиз.

- Билдирбей киребиз.

Бири-бирибиз менен кужулдашып, ар кимибиз ар түрдүү сүйлөп, акыры уурулукка жөнөдүк. Караңгы түн, жөөктөргө сойлоп кирдик. Колубузга киргенин үзө бердик. Эртеси жарыкта карасак бүтүндөй камек коон, быша элек ичи ак дарбыздарды үзүп алыптырбыз.

Айдар акенин базарга алып барам деп үзүп койгон коонун уурдаганыбызга эмдигиче жаным ачышат. Айдар акенин көзү азиз болучу. Анчейин көрчү эмес. Түн ичнде коон уурдап, жарып жеп, анан сууга таштап жибердик. Пайда-зыянды ажыратпаган бул жоругубуз менен Айдар акени күйдүрүп жибергенибизди элес албаганыбызды кара, ал шордуу эки жанын чапкылап, бар нерсесинен кол жууп кала берди.

Агам мугалим, иним болсо жаш. Жумуш да жасоо, керек учурда жеме да угуу мага туура келчү. Так аткара албагандыгым үчүн атамдан тил угуп, кээде таяк да жеп калчумун. Бир курдай да атамдан таяк жедим. Ошондо жаным ачып туруп, апама даттандым.

- Таң саардан очоктун моорусуна чыгып алып, «атаа тезирээк кел, кел бизге» деп, согуштан келгенче кыйкырып жүрсөм, келип алып мени урат.

- Кой уулум, атаң атайылап урбайт, ишти айтканындай жасабасаң, опузалап жатпайбы, - деди мени жоошуткан апам. Кийин сөзүмдү атама айтып коюптур.

- Ошондой де, муну кара. - Таңдана түшкөн атам ушундай деди да, ошондон кийин мага кол тийгизгенин токтотту. Кала берсе катуу сөз да айтпады.

Элүү биринчи жылы жетинчи классты бүтүрдүм. Ал кезде окуу жайларынын мугалимдери айылга келип, балдар

дын документтерин жыйнап алып кетчү. Талаадан келсем, атам мени кубантты.

- Балам сен эми Жалал - Абадда мугалимдикте окуйсуң, документтериңди алып кетишти. Мугалимдик жакшы кесип, балдарыңдын жанындасың. Анын үстүнө мугалим деген эң таза кесип, эч убакта бирөөнүн акысын жебейт.

Ичим ачышып калды. Мен зоотехниктикке окуймун деп эңсеп жүрбөдүм беле. Бирок, атамдын сөзүн эки кыла албадым. Мактоо баракчасы менен бүткөндөрдү окууга экзамен-сиз кабыл алышты.

## Студент болдум

Ошентип, студент болдум. Бул жерде да классташым Манапжан экөөбүз чогуу окуйбуз, Кыргызстан айылынан окуганы экөөбүз. Айылга келгенде өзүбүзчө каада күтүп, жакабызды түздөп чирене басып калчубуз. Көрсө жаш экенбиз. Кантсе да шаарда билим алып жаткандыгыбызга сыймыктанчубуз.

Биздин биринчи мугалимибиз Абдыкадыр Абдыкеримовду унутпаймын. Педагогикалык институтту жаңы бүтүрүп келиптир, үнүнүн ушунчалык жагымдуулугунан теманы кулагыбызга куюп коер эле. Ушул агайдын сабагын күтчүбүз, чымын учканын билдирбей жымжырт олтурчубуз, класста бир гана агайдын уккулуктуу, коңур үнү жаңырып турчу. Аялы башкыр кызы Жалалова болчу. Биз канчалык көптү билүүгө умтулсак, агай-эжейлерибиз да ошончолук терең билим берүүгө аракет кылышар эле. Ал кездеги Асадулина, Жаманкулова, Шыйкынбаев сыяктуу агай-эжейлер да эстен кетпейт. Ошонтсе да, окутучуулардын барынын эле билим деңгээли бирдей эмес эле. Бир күнү Зыпаров деген агайыбыз тарых сабагынан түшүндүрүп жатты. Ал дайыма конспекти жазып алып, окуп берчү. Бул жолу да ушундай болду. Мен алдыңкы партадамын. Колундагы таякчасы менен доскада илинген картаны карай басты. Мен байкатпай туруп, дептеринен бир-эки баракты өткөрө ачып койдум. Ал келди да, ордуна олтуруп, көзү түшкөн жеринен окуп кирди. Бизге эртерээк бүткөнү жакшы да, студенттер «дуу» күлүп жибердик. Агайыбыз эмнеге күлгөнүбүздү билген жок, бирок ачуусу маңдайына чыга түштү. Аңгыча чыгууга коңгуроо кагылды, Зыпаров бизди жемелөөгө үлгүрбөй калды.

Кантсе да агай-эжелерибизге миң мертебе ыраазыбыз. Элүүнчү жылдары турмуш оор, алар бизге билгендерин

үйрөтүүгө тырышчу, биз да курсагыбыз ач болсо да билим алууга тырышчуубуз. Мугалимдерибиз кыйынчылыктын утурумдук экенин айтып көнүлүбүздү көтөрчү, көбүнчө үйлөрүнө ала кетип, курсагыбызды да тойгузчу. Окуу жайындагы ашканадан кара бөлкө менен этсиз шорпо ичип өзөк жалгачуубуз, кимди күнөөлөй алабыз, доор өзү ошондой болчу. Ушуга сабыр кылабыз.

Студенттик күндөрдүн кызыгы пахта терим убагы. Ленин районуна жардамга келебиз. Ноябрь айынын 15-20ларына чейин теримде жүрөбүз, кечинде саман төшөлгөн жерде жатабыз. Канча жүрсөк ошончо, эки айлап мончого түшүү деген жок. Мончонун өзү да алтымышынчы жылдардын аягы, жетимишинчи жылдардын башында чыкпадыбы. Денелер кирдеп, чачтарды бит басканын жашырып не кыламын.

Студенттер ынтымактуу элек, айрыкча Ош, Жалал-Абаддыктар бир үй-бүлөөнүн балдарындай болчубуз. Эгерде бирибиздин үйүбүздөн тамак келсе, баарыбыз чогуу ортого коюп алып жечүбүз. Бирибиз кыйналсак экинчибиз таштачу эмеспиз. Пахтада жүрүп ооруп калдым. Менден жашы улуу болгону менен Султан Осмоналиев деген досум бар эле. Ошол бала Кыладан Сакалдыга чейин көтөрүп келди. Кичине бала элем, улам эки жүз, үч жүз метр басат да, дем алат, ошентип жүрүп түн бир оокумда үйүнө келдик. Апасы Шарапат аяш энем мени көрүп чый-пыйы чыкты денем күйөт, от жалынды көрүп чочуду. Ары - бери чуркап дары таап ичирип, төшөк салып, жаткырып, чайын, тамагын берди, эртең мененкиге дейре ысытмам түштү. Анан таң эртең ат менен үйгө жеткирип койду. Ушул жакшылыкты кантип унутайын.

Март айында Тентек-Сай каналы ссуга толуп ташып кетет, көпүрөө жок. Адамдар өтө албай калчу. Суу киргенде кээде «Кукурузник» самолету каттоочу, же «С-100» тракторлору менен өтүүчү, эки тараптын байланышы үзүлчү. Анын үстүнө оокат да тартыш. Бир-эки айдан кийин гана суу тартылат. Ошого чейин Сузак жана Базар-Коргон райондорунун балдары бизди багышчу. Базар-Коргондон Токсонбаев, Аманбаев, Сузактан Кулатов деген тим эле айкөл балдар менен чогуу окуучубуз.

Анын үстүнө ар бирибиздин ырыскыбыз бар экен. Манапжандын айылдык керек-жарак коомунда экспедитор болуп иштеген Гуламжан деген агасы барып турат. Бир курдай эки-үч сутка боюу өзөк жалгабай ач калдык. Кимиси келип калат деп жол карайбыз, капыстан жолдон келатып сегиз сом таап алдык, ой сүйүнгөнүбүздү айтпа, ага оокаттандык. Анан эртеси Тентек-Сайданэптеп өтүп, апам бир куржунга толтура та-

мак-ашын көтөрүп келип калды. «Менин баламды көрдүңөрбү» деп мени издеп жүргөн жеринен балдар куржунун көтөрүп, дароо мага алып келишти. Жыйырма, жыйырма беш бала тегеренип отуруп, апамдын алып барганын заматта жайпап салдык. Ал эми апам кейип жүрөт.

- Балдарым ай, заматта баарын жеп койдуңар, эми эртең эмне жейсиңер?

- Ээ апа биз кембагал адамбыз, кембагалдын бир тойгону орто байыганы дейт элеңиз го. Эртең да буюрганы болоор, дедим апамдын көңүлүн жоошутуп. Ошентип жүрүп окудук. Кийин Советтик Армиянын катарына чакырылып, андан келип, кайра окуумду уланттым. Ошондо Оштогу педагогикалык окуу жайы жабылып, анда окугандар Жалал-Абадга көторулуптур. Турмуштун тамашасын караңыз, жалаң кыздар менен окууга туура келди. Эң оболу буга анчейин көнө албай жүрдүм. Жигиттик ар-намысым тынчтык бербей кыжаалат болгон учурларым көп болду. Бирок, табиятында боорукер, кең пейил кыздар мамилеси менен өздөрүнө тартып алды. «Ага» деп сыйлашып, кийимдеримди жууп, үтүктөп, кала берсе жаткан жайымды да иретке келтирип беришчү, тамак кылса чакырып, догиси ага-карындаштай жүрдүк.

Андан бери агылып кырк жыл өттү, улам бешенеге кат-кат бырыш түшүп улгайып баратабыз, баары үй бүлөлүү, небере көрүшкөн, бирок, ар-биринин мүнөзү күнү бүгүнкүдөй эсимде. Менин жалындаган жаштыгым, эң бир назик сезимдерим ушулар менен өттү, эстесем ичим түз жалагандай ачышат. Студенттик күндөрүм ошол гүлгүн курак кыздар менен кызыктуу болучу, чынында жоодур көздүү, ай жамалдуу, гулкайыр сымал жайнаган ошол курсташтарым менен чогуу жүрүп кыз жамалын, кыз мүнөзүн, кыз пейлин жакындан байкадым. Сурап калышса алардын ар бири тууралуу саймедиреп берүүгө даяр элем.

Окуп жүргөнүмдө, жүрөгүмдүн түпкүрүнөн орун алган айжамал кыз Ракина болучу. Азыр эмнегедир атын өзгөртүп жазып олтурам. Башка топто окучу. Жаштык оту жанып, махабат ышкысы алоолонуп, ушу кыздын жүрөгүнүн түпкүрүнөн орун табууга ниет кылдым. Экөөбүздүн оюбуз бир, тилегибиз тунук болчу. Максатыбызда окуубузду бүтүп, баш кошсок деген үмүтүбүз бар эле. Чынында эрезеге жетип, акылым кирип калган учурдагы эң бир таза, тунук сүйүүм Ракина эле. Мен аны канчалык жан-отум, чын пейилим, ак жүрөгүм менен сүйсөм, ал да ушундай болучу. Лайли Мажнун, Олжобай менен Кишимжандай өтө ысык жүргөн мезгилде ошол ойлорубуз орундалган жок. Айылга келсем атам үйлөндүрөм деп калып-

тыр, өзү мага кыз таап да коюптур. «Ушул кызга үйлөнөсүң», деди. Атамдын сөзүн четке кага албадым. Айылдан үйлөндүм. Бирок, жаңылышпаптырмын. Келинчегим мага эң сонун жубай болуп берди. Кийин Ракина өзүнүн жүрөгүндөгүсүн мага үйлөнгөнүмдөн кийин бир блокнотко жазып, ага өзүнүн кичине сүрөтүн жабыштырып туруп берген эле. Өкүнүчтүүсү, келинчегим кызганычтыктан, алып жок кылып жибериптир. Албетте, ичим ачышты. Оо кийин. «Ошону тим эле койбоптурмун», деп койду.

Окуп жүргөндө нээлер гана болбоду. Бир күнү май майрамы эле, коноктон келатканбыз, биз турган үйдө өтүүчү жолдогу коргон жыгылып жатыптыр. Кызуулукта хирип кетиптирбиз. Эртеси окуу жайында талкуулап калышты. Ошондо мени жактырып жүргөн бир кыз мени да бар болучу деп коюптур. Экинчи майда ошол коргонду тургуздук, кыздар көз кырын салып, жылмайып өтүп жатышты, уялганыбыздан эки бетибиз дуулдайт. Тилекке каршы, ушуну менен бул окуя мага пайда алып келген жок. Мени педагогикалык окуу жайына комсомолдук уюмга катчылыкка алып калып жатышкан. Ошол үчүн жогорку окуу жайына да калганмын. Ал окуядан кийин айылга мугалимдикке кеттим.

Менин алгачкы эмгек чыйырым бир миң тогуз жүз элүү сегизинчи жылы баштаяды. Райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы Сабыр Арзыкуловго арыз жазган баракты көтөрүп кирдим. Арызымды колуна алып, көз жүгүрттү да:

- Ой тообоо жогорку окуу жайынын аты чоң тамга менен жазылат турбайбы, - деп күлө карап какшыктады, ушул күн эмдигиче эсимден кетпейт».

* * *

Турмушунда чоң бурулуш. Окуучу, анан, студент, эми болсо билим саяпкери.

- Балдар, билесиңерби, бизге тарых сабагынан жаңы агай келиптир. - Окуучулар арасында ушундай сөз тарады.

Биринчи күнү мектепке кандай барса, кийин ошондой барып жүрдү. Күндө ак көйнөк, кара галстук. Жаш болсо да токтоо мүнөзүндө окуучулар айбыга турган өзүнчө сүрү бар. Класска кирери менен жанатан бери ызы-чуу түшкөн окуучулар жымжырт. Эжекелерин ыйлатышат. Эмнегедир андан чочулашат.







- Тынчтангыла, генераль-фельдмаршал келатат. - Эми эле класстын ичин түп көтөрүп, кыздардын бантигинен тартып ыйлатып, бирин-бири түрткүлөп жаткан балдарга эшиктен агайын күзөтүп турган окуучу үн салды.

- Чын элеби?

- Тигине келип калды, көрөсүңөр эми! - Окуучунун чый-пыйы чыгып чыйпылыктап кетти. Агайы кадимкидей сүр менен колуна журналды кармап кирип келди. Заматта балдар тыптынч, чымындын учканы билинет.

- Саламатсыңарбы балдар? - Окуучулары жапырт тура калышты.

- Саламатчылык.

- Жакшы, балдар, үйгө кайсыл тапшырма берилген?

- Улуу Ата Мекендик согуш.

- Анда ким даяр! - Беш-алты бала катары менен кол көтөрүштү. Аңгыча сырттан топурап директор баштаган бөтөн кишилер кириштп.

- Абдыкапар, республикадан мугалимдердин квалификациясын жогорулатуучу институттан комиссия болуп бул кишилер келишти, сабагыңды өтө бер, - деди директор.

Комиссия арткы орундуктан жай алды. Ал кадимкидей сабак өтүп жатты.

- Азаматсың жигит, ийгилик каалайбыз. - Сабактан кийин ыраазы боло чыгышкан комиссиянын тобу жыйынтыгында анын сабагына жогору баа берди. Анан ошол жакка кызматка чакырышты. Бирок, райондук элге билим берүү бөлүмүндөгүлөр таптакыр каршы туруп алды.

- Жакшы кадр бизге деле керек, жибербейбиз, - деди райОНОнун башчысы.

«Ачылбаган сандыкта бычылбаган күндүз бар» демекчи, ар бир адамдын жан-дүйнөсү өзүнчө табышмак. Ушул күндөлүктөн мен Абдыкапар акенин адамдык улуу касиетин байкадым. Кийин аны партиянын Ленин райкомуна кызматка чакырышты. Бул тууралуу Абдыкапар аке мындайча жазыптыр.

«Менин кетишиме балдардын ата-энелери нааразы болушту.

- Жибербейбиз, биздин балдарыбызга деле жакшы окуткан мугалим керек, райком десе райкомго барабыз.

- Мунуңар болбойт, силер менин өсүшүмө каршысыңарбы? - Ушинтип аларды ийге келтирдим.

Ал кезде кызматка жөн келе койчу эмес. Ата-тегиңден бери бүт суралчу. Үчүнчү катчынын кабыл алуусунда болдум. Катчы Хайринса Касымова тиешелүү суроолордун баарына

жооп алгандай болду. Орусча сураса орусча, кыргызча болсо кыргызча жооп бердим. Тиги таңдана түштү.

- Сиз кыргызсызбы?

- Таза кыргызмын. Дагы эмне болуп кетти дегендей чочуй унчуктум.

- Оо анда азаматсыз, бүгүндөн тартып ишти баштаңыз.

Азыр ар ким ар кандай сөз айтканы менен партиянын өзүнчө чоң сүрү бар эле. Бюрого маселе даярдоонун өзү чоң жоопкерчилик болчу. Даярдалган материал менен алгач бөлүм башчы, тейлөөчү катчы, анан биринчи катчы таанышчу. Бюро бүткөнчө ийненин учунда олтургандай отурчубуз. Эсимде, мурда «Коммунизм» колхозуна башкарма болуп иштеп, кийин райондук киноустановкалар дирекциясын жетектеп жаткан Турсунбай Тургунбаевдин ишин бюрого даярдап калдык. Маселе даяр болгондо жогорку окуу жайында сырттан окучу экен, уруксат алып кетип калды. Окуудан келери менен экинчи ирет даяр болгондо отпуска алып, дем алышка чыкты. Маселе үчүнчү жолу көтөрүлүп, биринчи катчы мени чакыртты. Жанында эки-үч киши олтуруптур.

- Эмне үчүн маселе даяр эмес, эртең бюродо каралышы зарыл эле го, өзүң муну жакшы билесиң - биринчи катчы мени күнөөлөдү, бөлүм башчы айткан чыгар деген ой менен каяша айта албадым. Ал мезгилде биринчи катчыны тике карап сүйлөө таптакыр жагымсыз болчу. Анын үстүнө биринчи катчы Кулназар Ташиев, кадыр-баркы бар жетекчи. Менин унчукпай турганымды көрүп, кайра жемелебеспи.

- Мына көрдүңөрбү, райкомдо ушундай адамдар менен иштешип жатабыз, дубалдан сөз чыкса чыгат да, а буларда үн жок. - Мен унчукпай кое албадым.

- Бул жерде мен күнөөлүү эмесмин Кулназар Ташиевич маселе бир нече ирет даяр болгон. Биринчисинде кинодирекциянын башчысын окуусуна уруксат берип жибердиңиздер, ал эми экинчисинде отпуска алып кетти. Үчүнчү жолу да маселени бюрого даярдап койдум, бул жерде менин эч кандай айыбым жок - деп эсептеймин.

- Менин токтоо, бирок кыжырдана сүйлөшүм биринчи катчыга эмнегедир жаккан жок.

- Бул ишти эмес сөзду үйрөнгөн го. Бара бер, ишти жаса! - Ачуулуу унчукту. - Биринчи катчынын иш бөлмөсүнөн капалуу чыктым. Бирок, ал түшүнгөн го кийин унчукпады, анан бул тууралуу сөз да кылбады

## Партиядагы кызык, кызык эмес жагдайлар

Бюронун жүрүшүн байкап олтурсаңыз кандай гана сөздөр айтылат, кээси кызык. Ош областынын саламаттыкты сактоо башкармасынын башчысы Камил Атаханов Арстанбапка барып, үй-бүлөсү менен эс алмак болот. Келишсе андан акча талап кылышат. Ал муну партиянын райондук комитетине билдирет. Арстанбаптагы иштер райкомдун бюросунда каралып калды. Айыл Кеңешинин төрагасы Темирбай деген аксакал киши. Бюродо маселе курч коюлду.

- Сиздер дем алууну бизнеске айландырып жатасыздар, адамдар талап-тонолууда, буга жол коюуга болбойт. Мындай айыл Кеңешинин төрагасы менен кантип иштеше алабыз? - Биринчи катчы Темирбай акеге ачуулуу карады. - Аксакал дем алуу сезонунун бүтөрүнө аз калды, шашылбай тура туруңуз, анан тартипке салып коебуз. - Трибунада турган Темирбай аке жан-далбастай түштү, өзүнүн эмне деп айтып жатканын да түшүнбөй калды сыягы. Залда күлкү пайда болду. Бирок ушул сөзү менен Темирбай аке кызматында калды.

- Партиянын райкомунун бюросу жүрүп жатты. Күн тартибиндеги маселелердин бири партиянын катарына кабыл алуу. Кезек Таш-Көмүрдөн келген жумушчуга жетти. Бюро мүчөлөрүнүн алдында өмүр бою талаада иштеп, куулук-шумдукту билбеген, карапайым адам турду. Бюро мүчөлөрү ар кимиси жан-талашып суроо берип жатышты. Тиги алынын жетишинче жооп берип коюп турду. Күтүлбөгөн жерден биринчи катчы сурап калды:

- Жолдош, сен арак ичесиңби?

- ...

- Жооп бербейсиңби?

- Ичпейм, анткени аялым татар. - Жоопту уккан бюро мүчөлөрү же күлө албай, же ыйлай албай, кызарып олтуруп калышты. Биринчи катчы да айраң-таң тигинин жообуна. Себеби, анын аялы да татар кызы болучу.

... Дагы бир бюродо жеке адамдын кемчилиги талкууланып жатты.

- Кесибиң мугалим, өзүң бала тарбиялайсың, аныңа карабай көп ичет экенсиң. - Ичимдикти жанынан артык көргөн коммунист Зулпиевди биринчи катчы ачуулуу көз караш менен катуу жемеледи. - Мына эми да ичимдик ичип, милицияга түшүпсүң, сага чара көрүү жөнүндө маселе каралып жатат.

- Аксакал сизди деле көп ичет деп айтышат го.

- Эмне, эмне дейсиң?! Ой бул сообу?! - Биринчи катчынын көзү чанагынан чыга жаздады.

- Соо элемин аксакал. Бирок, сиздин ичкениңиз билинбейт да, машинаңыз бар, айдоочуңуз акырын алып үйүңүзгө түшүрүп коет. А мен жүз грамм ичсем эле ичти дешет, анын үстүнө айдоочум да, машинам да жок, темпеңдеп үйгө жөө келем, анан милициянын көзүнө чалдыгып калам да, кармап алышат, эми деле болгону жүз эле грамм ичкенмин аксакал.

Залдан күлкү чыкты. Биринчи катчынын оозуна сөз кирбей олтуруп калды да, Зулпуевге «чыгып кет» дегендей ишарат кылды. Мугалим чыгып кетти.

. . . Мындай жагдайлар көп. Дагы бир окуя. Мен «Коммунизм» колхозунда партиялык комитеттин катчысымын. Ал мезгилде партияга өтүүчүлөр түрдүү кесиптен болсун дешчү. Бир малчыны даярдап, партиянын райкомунун бюросуна алып келдим. Ал да суроолорго дурус жооп берип жаткан. Дагы баягы биринчи катчы суроосун бербеспи.

- Сен кудайга ишенесиңби?

- Ишенем. - Малчы кебелбей шыр жооп берди.

- Намаз окуйсуңбу?

- Окуйм.

- Кайсыл жерде окуйсуң?

- Мечитте.

Биринчи катчынын ачуусу маңдайына чыга түштү.

- Бу Усубалиев сен эмне үчүн молдону партияга өткөрүүгө алып келдиң? Экөөң тең көзүмө көрүнбөй чыгып кеткиле!

- Бу сенин эмне жоругуң, ушинтип да жооп бересиңби? - Ачуумду малчыдан чыгардым.

-Абдыкапараке эмне булар кудайды жаман көрөбү? Мен жакшы көрөт деп жооп бериптирмин.

- Кантсе да жакшы иш кылбадың, дедим ага. Бул кургур намаз окуш мындай турсун куран түшүрүштү билбейт эле. Кийин мечит кайда? Ким намаз окуйт деп текшергенин айтпаңыз.

Канчалык далдактаганың менен ким болбогун өз доорунун ырын ырдайсың, качып эч кайда бара албайсың. Алгач партиялык комитеттин катчысы болуп жүргөнүмдө «Коммунизм» колхозунун башкармасынын төрагасы Жоробай Султанов менен чогуу иштештим. Мен аны өз агамдай сыйлаймын, анын да мен тууралуу пикири жакшы, ага-инидей иштешип жүрдүк. Анын үстүнө бул киши райондо гана эмес, те алыска башы көрүнгөн жетекчи. Күнүгө он төрт-он алты саат иштеймин, убакыт менен эсептешүү жок. Ушундай мамыр-жумур болуп иштешип жатканда эле күтүлбөгөн жерден орто-

бузду ала мышык,аралап кетти. Бул киши тууралуу бир да жаман оюм жок. Мүнөзү өзгөрүп кетти. Кээде жактырмаксан болот.

- Уулум, - деди бир күнү атам жумуштан келерим менен. - Бу Жоробай сага капа, ушул кишиге тийиишпей жөн эле жүрчү, мага айтты, сени антип ийем, минтип ийем дейт. Жашсың, мертинип калба.

Атамдын сөзүнөн улам ойлоно түштүм. Кайсыл жеримден жаздым, бул кишиге жакпай турган не иш кылдым, эттетимен кетип иштеп жатсам, кимдир бирөө жамандап койду бекен? - Ойлорум уйгу-туйгу, башым маң. «Мага эмне мындай мамиле кылып калдыңыз? деп сураган да жокмун. Бирок, мунун чын-төгүнүн бир окуяга божомолдодум. Бир курдай райондо партиялык-чарбалык актив болуп, анда башка адам жок күнөөсүз эле мени биринчи катчы Маматказы Эргешов «сен таптакыр иштебейсиң?!», деп жемелеп кирди. Иштеп жаткан адам ушундай сөз уккан соң, капа болот экенсиң. Жүрөгүм ооруп, аябай кейип келген калыбымда Жоробай акеге айттым.

- Жоробай аке Эргашевге айтып койбойсузбу? - Экөө аябай жакын эле. Партиялык-чарбалык активдеги абалды түшүндүрүп келип, андан сурандым.

- Керек болсо өзүң айт! -Жоробай аке капыстан бурк этти, мен андан муну күтпөгөн элем. Айтыш эле керекпи, дедим, ошол турган калыбымда дароо артыма бурулдум да, биринчи катчыга келдим. Иш бөлмөсүндө экен. Өңүм күмсарган калыбымда кирип бардым. Ал таңданып карады.

- Сага эмне болду?

- Мени ишимден бошотуп коюңуз, суранып жүрүп, парткомдун катчылыгын алган эмесмин. Акыркы күндөрү мени иштебейтке чыгарып койдуңуз. Мугалимдигиме кайра кете берем, аны да бербесеңер пахтага суу коем.

- Өпкөңдү басып олтур, - деди да биринчи катчы бир азга унчукпай калды, менин бутумдун башына чейин сынай карап, сөз баштады.

- Сен колхоздо кандай кыбыр эткен иш болсо, Кадыркул акеге жеткирип турат экенсиң да.

- Сөзүңүзгө түшүнбөдүм, Маматказы Эргашевич, ырас Кадыркул аке менин тууганым, арийне анын үйү кайда экенин да жакшы биле албайм. Келсе да Жоробай аке экөө иш кабинетинде бирге болушат., алардын үстүнө баш да бакпайм, анан кантип ушундай болсун.

Ушул тапта өз ичимден ой жоорудум. Кадыркул, Жоробай акелер бири-бири менен ага-инидей болсо. Бирок, кийин Кадыркул акенин иниси Балтабай раис болгусу келип,

«Айталы дегенге менин үстүмөн арыз жаздырды» деп, Жоробай аке таарынып, экөөнүн жылуу мамилеси үзүлгөнүн билем.

Жоробай аке улгайганда уулдуу болбоспу. Төбөсү көккө жете сүйүнүп, уул той өткөрдү, тойду мени башкартып койду. Ал кезде той башкарган коммунисттин маселеси чогулушта каралып, сөзсүз жазасын алар эле. Анан эле күтүлбөгөн жерден колхозго текшерүүчүлөр келишти. Алар текшерип бүтүшкөндөн соң, анын жыйынтыгы партиянын Ош обкомунун бюросунда каралды да, раис экөөбүздүн отчетубуз угулду. Жыйынтыгында экөөбүзгө тең сөгүш берилди. Ошондо Кадыркул аке бюро мүчөсү эле, Жоробай акенин уул тою тууралуу кеп козголду. Ойлоп көрсөм ошондон улам, той тууралуу «Абдыкапар айткан» деген шектенүү туулган тура. Бул уктасам түшүмө кирсе кана.

Маматказы Эргашевдин кабыл алуусунда олтуруп, ушулар кыялыма келди. Бул аз келгенсип, биринчи катчы дагы кеп узатты.

- Сен раис боломун дептирсиң го, туурабы?

- Маматказы аке, мугалимден раис чыгабы?

- Жок чыкпайт, - деди биринчи катчы.

- Анда неге сурайсыз? Раис боломун деген партиялык комитеттин катчылары пахтачылык институтта окуп жатышпайбы. Раис боломун дегендер сөзсүз түрдө агроном, зоотехник, инженер, ветеринардык дарыгер болушу керектиги сизге белгилүү эмеспи, - дедим. Биринчи катчы башка эч нерсе деген жок.

Азга үнсүз тунжурадым. Оюма өткөн-кеткендер түштү. Жоробай аке ооруп ооруканада көп дарыланып жатты. Чарбаны башкаруу менин мойнумда калды. Талап күчтүү. 1975-жылы эле Жоробай аке Фрунзеде Миррахимовдун клиникасында үч-төрт айлап дарыланды. Пахта терим кызыган маал, күндө бюро, күндөгү бюродон кийин кечинде колхоздо чогулуш өткөрдүм. Отуздан ашык бригадирлер, активдер менен бирге жүзгө жакын адам катышты. Бүткөндөн кийин чакырылса да жыйналышка келбеген Тиркеш, Маман деген бригадирлерди чакырттым. Тиркеш аке мурда төраганын орунбасары, төрага болуп иштеп жүргөн адам. Өзүнөн төмөнкү кызматтагыларды тоготчу эмес. Сырттан эле күпүлдөп кирди.

- Эмне болду? Асман үзүлүп жерге түштүбү? Түн жарымында тополоң кылып!. - Күпүлдөп келип саламдашуу үчүн колун узатты. Колун көрмөксөнгө салып жаңсай орун көрсөттүм.

- Олтуруңуз.

Ал эми Маман аке кирери менен кечирим сурады. Анын сөзүн да этибарга албадым.

- Эмне үчүн чакырса келбейсиңер? - Тиркеш аке суроомо жооп бергиси келбей, тоготор-тоготмоксон. Инженер, бухгалтер, кассир да ушул жерде болчу. Үчөөнө кайрылдым.

- Силер бириңер эки орундуу автомашина, экинчиңер 200 сомдон акча жазып бергиле, сен кассир булардын акчасын колуна кармат. Эртең менен эрте Ош аэропортуна жеткиргиле. Фрунзеге учуп барышып, Жоробай акенин жанында бригадирлик иш болсо кылышат, бул жерде бригадирликтен бошошту!

Буларды иштен бошотуш оюма келген да эмес. Жоробай акенин кадыр-баркы менен бир аз чочутуп коеюн дегенмин. Иштин кызыкчылыгы үчүн ушинттим. Бул тууралуу Жоробай акеге да айткан эмесмин, эсимден чыгып кетиптир. Ал эми алар Жоробай акеге көбүртүп-жабыртып жеткиришиптир.

- Сиз ооруп жатсаңыз, Абдыкапар бул жерде сиздин ордуңузга раис боломун деп ушундай иштерди жасады, дешкенин угуп, мага тескери ойдо калды. «Балаң түшкүр, менин ордума көз артып жүргөн турбайбы», деген пикирге келген раис мүмкүн болушунча куугунтуктай баштады. Эмне болуп жатканы менен кабарым жок. Бул тууралуу ушул тапта биринчи катчыга айтуу оюма да келбеди. Аларды бул кишиге жеткирген адамдарга таң калам, эркек киши үчүн сөздү ташуу канчалык уят экендигин туйбаган деги кандай адам. Чынында адам аласы сыртында эмес, ичинде тура. Бекеринен «ак ийилет, бирок сынбайт» деген нускалуу кеп айтылбаптыр. Жоробай акенин да көзү өттү. Мен үчүн жакшы адам катарында эле калды. Андан бери көп мезгил да сызды, кызмат алмашты.

. . . Чакан айыл өзүбүзчө биригип, чарба болдук. Өз талаабыз, өз конторабыз, өз эсеп-кысабыбыз бар. А мени башкармалыкка шайлашкан. Иш ордумда олтурсам эшиктен Камал аке баш бакты.

- Оо келиңиз, келиңиз жайчылыкпы? - Ордумдан туруп урмат көрсөттүм. Бул киши тажрыйбалуу дыйкан, бизге кошуна чарбадан, пахта өстүрүүнүн устаты, Социалисттик Эмгектин Баатыры Камал Султанов деген ушул киши. Жоробай акенин агасы.

- Абдыкапар менин келгенимдин жөнү мындай, - деди олтуруп жатып. Баламды бухгалтерияңа иштетсең?

- Башкарма мүчөлөрү менен сүйлөшүп көрөйүн.

- Кантсе да суранычымды четке какпа. - Камал аке чыгып кетти.

Токсонунчу жылдары шарт башкача болду. Ар жерде өз кадрларынын иштешин, сырттан бир да кадрдын болбошун талап кылып туруп алышты. Камал акенин өтүнүчүн башкармалыктын мүчөлөрүнө айттым.

- Баласы бир жерде туруктуу иштебейт.

- Ичимдикти жанындай көрөт.

- Анысы мейли дейли, бирок кимдин ордуна жайгаштырабыз? - Кайра мага суроо жаадырышты. Эч нерсе дей албадым, алардын сөзүнүн да жүйөөсү бар. Оо бир топтон кийин Камал аке учурады. Мага таарынычтуу.

- Абдыкапар билем, сенин менин баламды ишке албаганыңдын жүйөөсү маалым, - деди. Анын көздөрүнөн «Сен Жоробай менен мамилең жакшы эмес болучу, ошону үчүн баламды ишке албадың да», деген жазууларды окудум. Бирок, бул эки инсан мен үчүн жакшы адам катарында калган, көпчүлүктүн жанында ушул сөздөрдү Камал акеге жеткире айта албадым. Ырас, ар бир адам жаман болбойт, тескери мүнөзү болушу мүмкүн, ар бир адамдын жакшы сапаты, жакшы жагы болот. Биз көбүнчө тетири жагын көрүп алабыз да, жакшысын көмүскөдө калтырабыз.

Өз айылыбыз менен биригип, өзүбүзчө колхоз уюштурбадыкпы. Менин максатым өз айылдаштарымдын социалдык абалын жакшыртууга кам көрүү. Буга тоскоолдуктар болбой койгон жок, баарыбыз түгөл бири-бирибизди толук түшүнө албайт экенбиз, пендебиз да. Эл ичинде ар кыл мүнөздөгү, ар кыл көз караштагы адамдар болот тура. Бири жасаган ишиңди кубаттаса, экинчиси көрө албайт. Баарына жагуу өтө кыйын. Бирок, алар ошол тескери сапаттары менен көпчүлүктү дүрбөлөңгө салып коет турбайбы, көбү ишиңе көмөк болсо, кээ бир адамдар мени кызматтан кетирип, чечүүчү кызматтарды өздөрү ээлөөнү тилек кылышты, кээ бир эрки боштору аларга кошулушту, дагы бирөөлөрү эмне болор экен деп четте туруп, байкоо салышты. Ошол кезде биздин жетекчилер пахтаны түрктөргө сатып жиберип, акчасы келбей эл ичинде нааразылык болуп турган маал. Алар ушундан пайдаланып калууну чечишти. Алар кимдер: өздөрүнө да, башкага да пайдасы жок, ар жерде жүрүп, өздөрүнүн курсагын араң тойгузган жеке кызыкчылыкты көздөп, сом үчүн томолонгондор. Бири Таш-Көмүр, Арал, Сейдикумдарга чейин барып, коон-дарбыз эгүү менен жан баккан Жолборс Гапаров. Адахам дегени болсо бир күн да чарбада иштебеген неме. Ар кайсыл жерде жумуш кылып, ал да курулуш трестогондо келген. Салымырза дегени колхоздо бир-эки жыл гана иштеди. Клубдун башчысы болуп туруп, музыкалык аспаптарды уурдап

колго түштү. Сатыбалды дегени болсо илимим бар дегени менен ою арам жеке кызыкчылыгын гана ойлогон, бир сом үчүн жардан боюн таштаган адам. Элди бөлүп-жарып, күйүмүш болгондор мына ушул адамдар.

Казак карыянын жоругу таң калыштуу. Өзү бизге куда. Менин карындашымдын анын карындашынын уулу алган. Бул кишини өз атамдай көрөм. Мына, ал да эркинин жоктугунан эссиздерге жетеленип кетти. Буга чейин өзү турган Чек айылынын жашоочуларынын ар кандай маселелерин Казак карыя менен кеңешип чечип келгенмин. Ооруп калса, абалынан кабар алып, колумдан келген жардамымды аябай келгем. Неси болсо да көз кырымды салып жүрөм. Ал да бөлүнөм дейт. Анан күйбөгөн жериң күл болбогонун көр.

## Жакшылыкка жамандык

Бирөөгө жакшылык кылсаң, аны айтпашың керек. Бирок, кээде айтып койгон да оң. Эскиче илими бар, атамдын тарбиясын алган Марипбай аксакал да мен сыйлаган адамдардан. Келсе төрдөн орун берип, жолдо баратса машинаны токтотуп салып алам. Атамдын урматы үчүн, дегеле улуу киши үчүн жылуу пейлимди көрсөтүүгө аракеттенем. Бул айрымдарга жакпайт.

- Ушул кишини атаңдан да өткөрүп сыйлайсың, аныңды билсе кана, ниети дурус эмес, - дешет.

- Биз да карыйбыз, карыны сыйласаң карып болбойсуңар. - Мен алардын сөзүн четке кактым. Кыздары да турмушка чыгып кетишкен. Жалгыз уулунан да ажырады. Колхоздун башкармасында талкуулап, бир бооз кунажын бердик. Аны сатып алып, ажыга барып келди, ыйык жерди көрдү. Күндөрдүн биринде эшиктен баш бакты, колунда кагаз.

- Бул эмнениз аксакал?

- Арыз. Бөлүнөлү деп келдик, - деди кебелбей. - Беш-алты үй-бүлө чогулуп өз алдынча иш кылалы дешкенин айтты. Алардын башчысы Салымырза Жумабаев болот экен. Мен каршы болгонум жок, бөлүнүп чыгышты. Бирок, кийин жерди жакшы иштете алышпай, түшүм болбой, Салымырза ишти уюштура албагандыктан, баары бириндеп кетишти. Анын ниети каралыгын билген туугандары кайра кооперативке кошулушту. Алар го мейли дейли Марипбай аксакал жерди кантип иштет дейм да.

Ошондо Марипбай аксакалга таң калдым. Мен сыйлап, атамдай көрүп жүргөн адамдан мындайды күтпөгөн элем.

- Марипбай аке мен каршы эмесмин, - дедим ошондо. - Өзүңүз карып калдыңыз, аялыңыз улгайды, жерди биротоло алдыңыз дейли, анан кантип иштетесиз, коюңуз, менин сөзүмө көнсөңүз үйүңүздүн жанынан бир гектар жер ажыратып алыңыз, эгинин эктирип, сугартып, кеткен каражатын да берейин. Ойлоп көрүңүз кооперативден чыкпаганыңыз сизге гана пайда.

- Ал кишиге айткан пикиримди башкарманын мүчөлөрү менен чогулган жыйында айтып, жардам берели дедим. Чарбак айылынын жашоочуларына да айттым. Көп узабай бутум ооруп, осруканага жатып калсам, төрт-беш адамга кошулуп, «биз бөлүнөбүз десек, коркуп кетип, ооруканага жатып алды» дептир. Мына жакшылыкка жамандык.

## Кайрадан партиялык доор жөнүндө

Дале партиялык доор, анын таасирин кантип унуталы. Жаңы эле «Коммунизм» колхозуна партиялык комитеттин катчысы болгонума үч гана күн болду. Кой чарбасын көрүүгө облasттык элдик көзөмөлдөө комитетинин төрагасы Шевцовдун келерин кабарлашты. Мүнөзү катаал киши болчу, келгенде сөзсүз түрдө бир же эки кызматкерди ишинен кетирмейин кетчү эмес. Башкармабыз Жоробай аке экөөбүз койлорду дарылоо жайына бардык. Ветеринардык дарыгер Галяк Еникеев: «бардыгы жайында» деди. Чай ичип олтурдук. Шевцов келди, короолорду кыдырып жүрөбүз. Еникеевге суроо узатты:

- Бу силер дарыланып сакайган койлорду эмне кыласыңар?

- Эки короо уюштурганбыз, ошол жерде багып, семиртип эт комбинатына тапшырабыз. - Башкы ветеринардык дарыгер оозу-мурду кыйшайбай туруп, калпты ышкыртып салды.

- Абдан жакшы, анда ошол койлорго эрчитчи? - Шевцов суроолуу кайрылды.

- Жакында ал койлорду этке тапшырдык. - Еникеев дагы калп сөзүн кайталады, кебелбей туруп.

- Болуптур, анда бухгалтерияга барып, документтер менен таанышалы. - Эч каршылык кыла албадык. Баарыбыз чарбанын конторасына келдик. Бул жерден миңге жакын кой арык болуп, ар бири жети сомдон этке тапшырылгандыгы

аныкталды. Калп айтуунун айынан башкарма «сөгүш алып»: Еникеев кызматтан кете жаздап, «катуу согуш» менен калды.

. . . Түңкү сугат күчөгөн маал. Сугатчылар кол чырак көтөрүп, суу тарап талаада түнөшөт. Түңкү саат үчтөр чамасында колхоздун Кыргызстан участкасына келдим, түңкү сугатты текшерип жүрөм. Сугатчылар Нышанбай, Паяз аксакалдар. Экөөн ээрчитип алдым, жөнөдүк. Артымда келатып, өздөрүнчө кобурашканын кулагым чалды.

- Күндүз аз келгенсип, түндөсү да иштейбиз. Төлөшкөнү үч сом, абалың кандай дегендин ордуна иште эле дешет. Тык токтодум, артыма бурулдум да карт адамдардын жүзүнө карадым, алтымышка барып калган карыялар, талаада иштеп жүрүп, колдорунан кетменин түшүрбөй, ысык-суукка күйүп, өз жаштарынан да улгайыңкы көрүнөт, аяп кеттим. Сөздөрүнүн чындыгы бар, жашырганда эмне, көбүнчө ишти сурайбыз. Тигилер эмне болуп кетти дегендей чочуркап туруштү. Үн катпадым, дароо бурулдум да, түз эле машинага олтуруп жүрүп кеттим. Жүрөгүм ооруду, кейидим, ушул карт дыйкандарга боорум ооруп кетти.

Канча иштесем ошончо адамдардын бекер жеринен күнөөгө батпашын, айыпсыз айыпкер болбошун каалайдым, аракет жасадым. Күнөөсүз адамдар жабырланып жатса кабыргам кайышты. Кемчилик кээде түшүнбөстүктөн, же кокустуктан болот. Кемчиликтерди оңдоого да болот, оңдоого болбой турганы да бар. Жаза ошого жараша болушу керек. Эгерде кимдир бирөөгө партиянын райкомунун бюросунда туура эмес жаза берилип жатса ортодон чыгып оюмду ачык айтып, каршы турам. Бул партиянын райкомдук комитетинин биринчи катчысы Бегимкул Төрөгелдиевге жага бербей калса керек, оюн жашырбай айтты:

- Абдыкапарсен бирөөгө жаза берүү, же кызматтан алуу тууралуу маселе козголсо эле дароо эле каршы чыгасың, мен деле бирөөнү таптакыр жок кылып жиберейин деп ойлобойм, алар сенин туугандарың, сенин элиң, албетте, эс алууга чыкканда алар менен болосуң, бет келесиң, бирге олтуруп чай ичесиң, артыңды ойлогонуң жакшы дейин, бирок, мен айткандай баары алдын ала айтылганы дурус эмеспи.

- Мен деле сизге каршы чыгып, башкалардын алдында өзүмдү көрсөтөйүн деген ойдон алысмын. Бюронун токтомдору менен бюрого кирип баратканда, же болбосо президиумдан таанышып жатпайбызбы?. Анан бюродо айтууга туура келет экен.

- Менин сөзүмө бир чети ынангандай Бегимкул Төрөгелдиевич аста башын ийкегиледи. Бир ирет бюродо

«Ленин-жолу» колхозунун башкармасынын терагасы Ганы Кадыралиевдин ишин карап калдык. Андан эки-үч күн мурда партиянын Ош обкомунун биринчи катчысы Ренат Сатарович Кулматов чарбага келип, конторага баш бакса печать менен штамп столдун үстүндө калган, иш кабинети аңгырап ээн. Биринчи катчы таңдана карады, «бул эмнеси, үрүп чыгаар ити жок, бул кандай башкарма, анда жоопкерчилик жок турбайбы». Бул жорук биринчи катчыга жаккан жок. Маселени дароо бюрого коюп, Ганы Кадыралиевди кызматтан аласыңар деп көрсөтмө берди да кете берди.

Бюродо партиянын райкомунун биринчи катчысы бул тууралуу ачуулануу менен маалымат берди.

- Албетте, бул жакшы эмес. Биринчи катчы келсе коркуп кетип кача бергени эмнеси коммунист да ушундай болобу, эми аксакал тапшырма бердиби аткарабыз да. Эми ар бириңер сүйлөп, биринчи катчынын сунушун колдойсуңар. - Бул да мага жаккан жок, бир чети туура эмес көрсөтмө болуп олтурат. Бюро мүчөлөрү бири-бирибизди карап калдык, албетте, айрым каршылар үчүн чырагына май тамды, кылдан кыйкым табуу жеңил, бул жерде адамдын тагдыры турат, аны менен эсептешүү зарыл, болбосо биздин коммунисттигибиз кайсыл. Оюмду дагы ачык айттым.

- Бегимкул Төрөгелдиевич, дагы токтомду азыр алдык, мен өз оюмду толук таанышып бүткөндөн соң айтармын, башкалар өздөрү билсин.

- Менин көз карашым көбүнө жакпады, биринчи катчы баш болуп, каршылардын жүзүн ачуу чайды.

- Бул эмнең Усубалиев, көпчүлүккө баш ийишиң керек, - жаалап кетишти.

- Токтомго көз жүгүрттүм, үстүртөн жазылыптыр, Ганы Кадыралиевдин одоно кемчилиги көрүнбөйт. Жазалап, партиядан өчүрө турган иш жасаган эмес. - Албетте, ал коммунист боло туруп, жетекчи кызматта иштеп туруп, эч ким жок, иш кабинетине печать менен штампты таштап кетиши болбойт. Бул анын кенебестиги дейли. Мейли кызматтан алалы, сөгүш берели, бирок партиядан өчүрүү туура эмес.

- Мен да Абдыкапар Усубалиевичтин сөзүнө кошулам, - деди менин сунушумду колдогон республикабыздын Жогорку Кеңешинин депутаты Калипа Акматкулова. Тогуз бюро мүчөсүнөн алтоо катышып, экөө каршы чыкты, токтомду кабыл алууга туура эместиги дайын. Биринчи катчынын аргасы кетти. Акырында дем алыш жарыялап, телефон байланышы аркылуу обкомдун биринчи катчысы менен байланышып, жагдайды түшүндүргөндө, ал өз буйругун өзгөрттү. Ошентип,

Кадыралиев ишинен бошоп, бирок партиянын катарында калды. Мындай болбогондо партиянын катарынан чыгарылса үстүнөн кылмыш иши козголмок. Ошондуктан, көбүнчө кызматтан кетсе да, партияда алып калуу үчүн бардык мүмкүнчүлүктү жумшаган учурлар көп болду.

Айрым «демократтар» партияны алынын жетишинче жамандашты. Албетте, партиянын жакшы жактары да болду, аны да эске алуу керек. Кантсе да кадрлардын тагдырына сергек мамиле кылынчу. Канча каражат, билим жумшалып даярдалган кадрлар жок болуп кетти. Алар даяр, тандалган кадрлар болучу. Кандай гана жумуш болбосун өтөөсүнөн чыгат болчу. Көбү ишсиз калышты, кээсине өз талантына жараша кызмат берилди. Ал эми оңой жол менен жеп-ичип, заңгыраган үйлөрдү салып, элдин каарына калган кадрлар бир кызматтан экинчи кызматка секирип, орноп жатышат, жылуу орундар ошолордун колунда. Өмүрүндө колунан жакшылыктуу иш келбеген, элди эмес өзүнүн үй-бүлөсүн дурустап бага албаган, бирок ою жаман, тили узун адамдардын уусу жүргөн заман болуп, реформаны өз кызыкчылыгы үчүн пайдаланып, беш-алты үй-бүлөнүн башын айлантып, жеке жашоосун жакшыртуунун камын көргөндөр көбөйдү. Жылга жетпей үй салып, жаңы-жаңы машиналарды миништи. Аларга ишенген карапайым адамдардын жашоосу өзгөргөн жок, кайра начарлады. Алынган кредиттердин дайны чыкпай калды, жооп берген адам жок.

Көрсө демократия деп, баарын өз билемдикке салып коюу болбойт тура. Демократия эң биринчи тартип, өзүнө өзу көзөмөл болгон жерде гана түшүмүн берет. Батыш өлкөлөрүнүн демократиясы менен Чыгыш өлкөлөрүнүн демократиясын салыштырууга болбойт. Мисалы, аял менен эркектин, бала менен атанын, кары менен жаштын маселесин Батышка окшото албайбыз. Бирок, мында да аларды туурайбыз. Апасын зордогон, атасын өлтүргөн укмуштар бизде болбошу керек. Азыр булар бизде көнүмүш болуп калды. Төбө чачың тик турат. Кээде кыргыздын баары эле ууру болуп кеткенби дейсиң. Гезиттеги, теледеги берилген окуяларды айтпай эле коелу, өзүбүздүн айлана-чөйрөбүздө эле эмне деген укмуштар болуп жатат. Өздөрү эптей алышпай башкалардыкын уурдашат. Пахта, дан уурдагандар көбөйдү. Алты-жети ай бою маңдай терин агызып, чиедей балдары менен талаада иштеп, үй бетин көрбөгөн айрым бечаралар пахталарын уурдатып жиберип, баштарын мыжып олтурушат. Уурулукка жаш балдарын жумшашат. Аттиң дейсиң, ээриниңди кырча тиштеп.

Жашоонун өзү «самопал». «Самопал» арактар көбөйдү. Беш-он кило, пахта, дан уурдап чыгып ичимдикке алмаштырып, күпкүндүзү алагүү болгондор мындан көп. Бала атага баш бербей мектепти таштаган. Деги биз кыргыздар эмне болуп баратабыз, ушинтип кайда барабыз? Демократия деп алып туңгуюкка кептелип калган жокпузбу?

Келечектеги элдин тагдырын ойлоочу ким бар? Бүгүн эл аралык мамилелер жакшы деп жүрүп, өз элибизди чийинден чыгарып жибербейбизби? Балким бул өзүбүзгө өзүбүз душмандык эмеспи?!

«Балык башынан» сасып баратат. Тартип кана, жоопкерчиликчи?! Бири-бирибиздикин уурдоо менен байый алабызбы? Ал эми чоң-чоң фирмаларды чөнтөгү калыңдар жетектеп келет. Карапайым элдин башын айлантып сатып алынган пахталардан түшкөн долларлар башка бирөөлөргө эле кетип жатат. Ушинтип жүрүп элдин жашоосу качан жакшырат?

Коңшулаш өзбек элинде тартип күчтүү, аларда мыйзамдардын таасири бар. Келечек үчүн аракет бар. Мейли чоңдорубуз капа болсун, бирок, Өзбек Республикасынын экономикасы дүркүрөп өсүп жатат. Келерки миң жылдыкка алар улуу мамлекет катарына киреринде шек жок. А бизчи, коррупция, мафия, уурулук, талап-тоноо менен барабызбы деп корком. Ошондуктан, журт башчылары ойлонуу керек; тартибибиз болбосо эч кайда бара албайбыз».

. . . Абдыкапар акенин күндөлүгүнө улам сүңгүп кирем. Бүгүнкү жашообуз да аны тынчсыздандырат, мейли жумуштабы, үйдөбү ушул тууралуу толгонот, өз айылдаштары гана эмес, жумурай-журтубуз оокаттуу жашаса дейт. Ушундай ойлорун бир канча ирет сыртка чыгарат, өз пикири, өз оюу бар. Ушул күндөлүгүндө райондун мурдагы жетекчилери тууралуу калтырабай баян этиптир. Алардын арасында Равшанбек Камчыбеков да бар.

«Сексенинчи жылдары биринчи катчы болуп районго Камчыбеков келди. Кичи пейил сылык жетекчи экен. Алгач баарына жакты. Эзелтен жаңы жетекчи тууралуу көп сөз болот эмеспи. Ал тууралуу да жакшы пикирлер айтылып жатты. Анан эле эмне болду, андан да кемчиликтер кетириле баштады. Кадр маселесине топ ойногондой мамиле жасала баштады. Жаш кадрлардын өсүп чыгышына кайдыгер. Райондо ар кандай нааразы сөздөр тарады.

- «Райондо бычакка сап болор кадрлар жок» - дейт имиш.

- Районубуз кадрлардан куру эместигин билбейт бекен?

- Журт болгондон соң, кантип кадры болосун?

- Көп кадрларды сырттан алып келет имиш.

Жергиликтүү кадрлар мына ушинтип таарынышты. Угуп алып мен да капа болдум. Райондук Кеңештин сессиясында өз пикиримди жашырбай айттым.

- Районубузда эң мыкты кадрлар бар, аларды пайдалануу зарыл, жөндөмүнө жараша ишке коюу керек. Анан кантип бычакка сап болчу кадр чыкпасын, бул сөз көпчүлүгүбүздү нааразы кылып жатат. Биз да ушул райондун кулуну, ушул райондун кадрыбыз.

Эртеси «биринчи катчы чакырып жатат» дешти. Иш бөлмөсүнө кирип бардым. Камчыбеков мага таарынычтуу унчукту.

- Абдыкапар аке эмне болду, мен сизден мындайды күткөн эмес элем.

- Мен чындыкты гана айттым. Кай жерде болбосун акыйкатты айтып келгенмин, керек болсо кайталап айтам.

Биринчи катчынын иш бөлмөсүнөн чыгып кеттим. Эмнеден корком, көп болсо ишин алышар. Адам болуп туруп, өз оюңду ачык айта албасаң, эмнең инсан. Биринчи катчы унчукпай кала берди. Кантсе да чочулап калды көрүнөт.

## Демократия келди

Чарчадым жумуштун көпчүлүгү, ал аз келгенсип, кыжы-кужу сөздөр. Кезектеги эмгек отпускамды алдым. Үйдөмүн. Бир күнү райондун чарбаларынын биринин парткомунун катчысы келип калды.

- Ассалоому алейкум, отпускаңыз өтүп жатабы? Курорт-мурортко да барбаптырсыз. - Бакылдап келип учурашып, үстү-үстүнө жөнөкөй, көнүмүш суроолорду жаадырды.

- Кел, бу сен келбейт элең, башыңа чөп сындырып койсом окшойт, жол болсун?

- Сизди отпускаңыз тууралуу чакыртып жатышат.

- Кимдер экен чакырткан, биринчи катчыбы?

- Барганда көрөсүз да.

- Бара албайм. - Дароо эле кесе айттым, отпуска мезгилинде үйдөн жылбай эс алганды жакшы көрөм.

- Барбасаңыз болбойт, меймандар бар, алар барбасаңыз капа болушат.

Тиги эркиме койбогондуктан чакырткан жерине бардым. Кочкор-Ата шаарчасынын үстүндө Ысык-Суу деген жерге

он беш-жыйырма адам тегеректеп отурушуптур. Ички иштер бөлүмүнүн башчысы, эл сотунун төрагасы, прокурор, чарбалардын, башка өндүрүштүк ишканалардын жетекчилери чардап жатышат. Беритен эле бака-шака, азил тамаша менен кабыл алышты.

- Бу Абдыкапар аке сизди отпускада зээригип үйдө, жеңемдин маңдайында олтура бербей, четирээк чыгып, бук болгон черин жазып, божурашып кетсин деп чакырттык.

- Сизсиз тамагыбыздан эт өтпөй койду. - Суроолоруна үнсүз күлө багып, баары менен тегерете кол берип саламдашып, көрсөткөн орундарына олтурдум. Ичип-жедик.

Бир кезде баары бүткөндөн кийин мени чакырткан башкарма сүйлөп кирди:

- Биринчи катчыбызды билип калдыңар, аракеттенбесек болбойт.

- Кантип бизде бычакка сап болор кадр болбосун, четтен санасак баарыбыздын колубуздан иш келет. Кантсе да ойлонбоду.

- Мага чабарман болуп барган парткомдун катчысы да кызуу кандуулук менен көп нерселерди бакылдады. Мен да пикиримди айттым.

- Чынында мындай чогулушсуз эле кадрлар маселесиндеги оюмду буга чейин, бүгүн, кийин деле ачык айтамын.

Ошол күнү кеч тарадык, ар кандай ойлор, сөздөр айтылды, ушул турушубузда бардыгын жасап коюуга даяр элек. Чарбанын конторасында эртең менен жолугушууну сүйлөштүк.

- Бардыгын ачык жасаганыбыз жакшы. Бир чарбанын конторасында эмес, райондун борборунда чогулалы, биз козголоңчу болбосок, мунубуз жоосунсуз иш болуп турат, дедим эртеси.

Биздин курулай бапырап, улам-улам чогулуп, сөз менен күпүлдөгөнүбүздөн майнап чыкпады. Көп өтпөй Равшанбек Камчыбековду Президенттин кеңешчиси деген указ чыкты. Аздан соң, Жалал-Абад областынын уюштуруу комитетинин төрагасы болуп калды. Баягылардын көпчүлүгү ошол тарапка секирип атып өтүп кетти. Акырында пенсияда жүргөн Тажибай аксакал экөөбүз калдык.

Жашоо агымы, ага жараша адамдар да өзгөрүп кетти. Кечээ эле бакылдап олтургандардын жан-дүйнөсүн «эки жүздүүлүк» деген дарт уулап салганын өз көзүм менен көрүп туруп, бирөөгө ишенүүгө болбой тургандыгын, дос менен касты ажыратуу өтө кыйын болуп кеткендигин туйдум. Алды артыңды көрө билбесең, бат эле торго чалынып, же күйүп

кетүү эң эле оңой экендигин сездим. Ошентип, областты уюштуруу комитетине райондон мүчөлүккө көрсөтүү боюнча чоң жыйынга чогулдук. «Эми эмне болор экен, кимиси көрсөтүлөт да ким калат?» деген бүдөмүк ойлор. Бул жерде татыктуу адамды көрсөтүү керек. Ордумдан туруп, сөз алып, трибунага чыктым.

- Областты уюштуруу комитетине мүчөлүккө мен Бекмамат Осмоновду татыктуу деп, ушул кишинин кандидатурасын сунуш кылам, - дедим да трибунадан түшүп кеттим. Менден кийин сөзгө чыгышкан бая эле «мен көрсөтөм, өзүм жайлайм» деген парткомдордун катчылары, биздин айрым башкармалар дароо бир жүз сексен градуска бурулуп кеткенин көрсөңүз «ой тообоо», деп жакаңызды кармайсыз.

- Эмне үчүн Камчыбековду сунуш кылбайт, ушул киши эле татыктуу эле деген сөздөрдү айтышты. Мындан алдын алардан «Капар аке уюштуруп алып, сизди жалгыз таштап кеттик, шарт ушундай болуп калды, жагдайга карабасаңыз туура келбейт, кечирип коюңуз» деп айтаар бекен деген сөз күттүм. Бирок, андай болгон жок. Баары бир кызмат бул көйнөк сыяктуу бир күнү алмашат, колдун кири сыяктуу жуусаң кетет.

Мен Камчыбековго биринчи катчы болуп келгендеги, андан кийинки жасаган бирдей мамилемди өзгөртө албадым, бир-бирибизге сый кишилер болуп кала бердик. Кемчиликсиз адам болбойт, жакшылыгын көрө билүү гана көсөмдүк болот. Өткөндөгүнү улам жаңылоонун өзү жараны ырбатуу менен барабар».

. . . Мен Абдыкапар акенин кол жазмаларынын соңуна чыгышыма аз калды. Көз алдыма ал ойнок бала да, өзүн токтоо көрсөтүүгө аракеттенгени менен жаштыгы байкалган боз улан да, кырчын жаш да болуп көрүндү. Анын турпатынан табиятынан дал ушундай төрөлүп калгандай токтоолукту, сабырдуулукту байкадым. Акыркы жылдарда райондо бардыгын өз көз алдымда кечирип жүргөн жылдарым дагы андан сезген бардык жакшы сапаттарынан үйрөнсө болот. Билимине, баарына кыраакы көз сала билген сергектигине тандаса болот. Ишке жоопкерчилик мамилеси, бирок бирөөнү түшүнө билгендиги, ушул сыяктуу жакшы сапаттары айрым көп инсандарда жок. Баарынан жөп-жөнөкөй инсандыгы менен өзүнө тартып турат. Тилин таба, дилин биле сүйлөшсөңүз жакшы нерселерди аласыз, ошол баарлашып отурушуңузда көп нерселерди үйрөнөсүз, ушул кишинин кебелбес турпатына чындап таңданып да, тамшанышыңыз да күмөн эмес. Ал кол жазмаларында өзүнүн башынан өткөндөрүнүн уруунтуктуу деп эсептегенин жазып калтырыптыр. Ичинде үй-бүлөсү, өмүрлүк

жубайы Гүлкан эже жөнүндө да бар. Окуп олтуруп, жубайын ушунчалык сыйлай тургандыгын туйдум, келинчеги да ага түшүнө билүү менен мамиле кылат турбайбы. Кол жазмаларды андан ары барактадым.

## Менин кымбат адамым

«Гүлкан менин өмүрлүк жубайым, кымбат адамым. Лайли Мажнун болуп туруп баш кошпогонубуз менен Гүлкан үйүбүзгө келгенден кийин кошо кут киргендей болду. Акылдуу, мүнөзү жумшак, боорукер Гүлканга баш кошконума түк өкүнбөйм. Балдарыбыздын жакшы өсүп-жетилишине анын энелик эмгеги чоң. Ал өзүнүн кең пейилдиги, токтоолугу менен ортобузда ысык мамиле орнотту. Үйүбүздө чыр чатак болбой ынтымактын өкүм сүрүшү үчүн, кичинени тоого айландырбай, болор-болбос маселени опоңой чечүүгө көмөктөшүү Гүлкандын таланты. Жумуштан кечигип келсең да кадимкидей жадырап-жайнап тосуп алат. «Кайда жүрдүң, эмне болду?» деп демитүү анда жок.

Жаш кезде эт-бетибизден кетип иштедик. Келинчегим үйдө зарыгып күтүп олтурганы менен сырттан талап каттуу. Он-он эки саатсыз үйгө эрте келе албайсың. Кээде андан да көп убакыт талаалап жүрүүгө туура келет. Мурда деле териштирбеген келинчегим, бир курдай өткөн райондогу чоң жыйындан соң, тук унчукпас болду.

Райондо өткөрүлгөн партиялык-чарбалык активге балдар бакчасынын башчысы катары Гүлкан да катышты. Сөз кезеги берилип, сөз баштаганда эле биринчи катчы Маматказы Эргашев токтотуп, суроолорду жаадырып, күпүлдөп, каттуу сындады.

- Усубалиев сен иштебей жатасың, иштесең жөн, жакшы иштегин. Биринчи катчынын катуу жана кекеткен сөзү аялыма оор тийген го, ордума келсем ыйлап алыптыр. «Ушунча иштесеңиз да жакпайт турбайсызбы күн, же түн дебесеңиз, бул эмнеси?». - Шыбыр аралаш бышактады

- Иште боло берет, ушуга да ушунчалыкпы? - Эч нерсе болбогондой келинчегимди сооротту м. Жыйын бүтүп, камырап койбой басып жүрөгүмдү көргөн жубайым улам жалт-жалт карап коет. Ошол күнү да түн бир оокумда жумуштан кайт ым. Жайында кабатырланган Гүлкан кирпик ирмебей олтуруптур. Чоңдорго капасы тараган эмес.

- Жаныңызды карч уруп, талаа кезип, үйдөн безип, жарытылуу уктабай иштегениңиз менен жакпайт экенсиз. Жумушуңузда чоңдоруңуз, үйдө мен кеч келесиң десем жарабас, улгайганда да бизге керексиз, чынбы? - Табиятында боорукер келинчегим жан-оту менен ичтеги сырын айтты. Мурда кээ-кээде гана сурап койчу болсо, эми таптакыр кеч келсем да унчукпас болду.

Жашоодо үй-бүлөдө нээлер гана болбойт. Кээде ойлоном ушунчалыгына шүгүр деймм, келинчегим түшүнөт. Көрүп жүрөм, канча тааныштар, достор бар, көпчүлүгү күйөөсүн коруп, жөн жеринен кызганып, кеч келсе териштирип, анан үйдө будуң-чаң чыгарып жүргөнүн нечен ирет көрдүм, көрсө бирин-бири түшүнбөстүктөн улам, ортодо жылуулук кетип, ынтымак ыдырайт турбайбы. Аялынын кызгануу менен жасаган мамилесинен улам тек эле жүргөн эркек да тескери жолго түшө баштайт, айрым учурда көп нерсеге аял өзү себепкер болуп калат, аялынын сезимин көп эле түшүнө билбеген эркек «балбан билек болуп чыга келет, кол көтөрөт, жубайынын бети-башын көк-ала кылмай, анан анысы төркүнүнө кетмей!... Көбүнчө тообо кылам, кудай сактай көр, үйдөгү ырыс-ынтымактын кетишинен кудай сакта. Ушундан улам Гүлкандын сабырдуулугуна, токтоолугуна, акылдуулугуна баа берем, көрсө менин аялым солк этпеген, жакшы сөз менен айтып түшүндүрө алгыс чынында эле асылзаада инсан экен.

## Бир уядан он бала жетилди

Алла таала бизге он бала берди, биздин кубанычыбыз да, бактыбыз да, артка калтырар изибиз да мына ушулар. Жакшы өсүштү. Кесип алышты, тарбиябыздын текке кетпегендигине кубанам. Ар кимиси өздөрүнчө түтүн булатып, ар башка. Майрам күндөрү дайыма келишет. Ошол күн бизге ан сайын майрам, балдарымдын балалыктагы кылык-жоруктарын айтып, төгүлүп-чачылып олтуруп калабыз. «Бул апа сизге, ата сизге да белегибиз бар» дешип, биринин-артынан экинчиси ала келген белегин узатышат. Кеп белектин чоң же кичинесинде эмес, уул-кыздарыбыздын ушундай даражага жеткенине курсантпыз. Эне да, апасы төбөсү көккө жетпей сүйүнөт. «Карга баласын аппагым» дейт экен. Бизге баары бирдей ысык баары жакшы. Бири-биринен жард ımын аябайт. Жогорку билим алышты, эң кичинелери Батма менен Зуура Жалал-Абад мамлекеттик университетинде окуйт, жыйырмадан ашык

неберелерибиз бар. Алар Гүлкан экөөбүздүн сүймөнчүгүбүз, небере өтө ысык болот турбайбы, маркум атам биздин балдарыбызга үзүлүп-түшүп, ичи элжирей эркелетип калса элес албаган экенбиз. Эми өз башыбыздан өткөрүп жатабыз. Деги биздин бактыбыз болгон балдар аман болсун.

. . . Кол жазмаларды окуп бүттүм. Таразалап көрсөм Абдыкапар Усубалиевич жөн жашабаптыр. Тээ Союз кезде «Ала-Тоодой эмгек кылган» деп гезиттерге жазчубуз. Бул инсан да ошондой эле көп иш жасаптыр, улуу иш жасаптыр. Канчалык мактасаңыз ошончолук жарашат экен, кана биз, бизден кийинки муундар ушундай эле иштесек, өзүбүз дурустап бир көпүрө сала албай, баарын да жок кылдык, жогун кайдан табабыз?

Столдун үстүндө бир топ маалыматтар турат. Бир миң тогуз жүз отузунчу жылы ушул аймакта «Кедей» деп аталган колхоз уюшулган. Биринчи төрагасы Эргеш Алиев болгон. Кийинки чарбанын аты өзгөрүп, Кызыл Кыргызстан аталган. Миң тогуз жүз элүү алтынчы жылы Сталин атындагы колхозго биригип, андан соң, бул чарба «Коммунизм» колхозу аталып калды. Миң тогуз жүз жетимиш алтынчы жылы ал экиге бөлүнүп, экинчиси Ленинград колхозу 1991-жылы түзүлдү.

Чарба карыз, там-туң баскан баладай, колхозчулардын жашоо шарты алымсындырбайт. Ошентип, бир миллион рубль менен колхоз өзүнүн алгачкы кадамын таштады. 1990-жылы гектарынан 19 центнерден пахта, 18 центнерден дан алды. Абдыкапар аке жаман жетекчи болгон жок, бөлүнгөндү бириктирди, бир женден кол, бир жакадан баш чыгарып, өзүнүн жугумдуу сөзү менен айылдаштарынын башын кошуп, терсаяктарын, жаш-карысы дебей ийге келтирди, моюн толгогондору кийин өзү келди ийилип.

Ушулардын баарын таразалап олтуруп, айрым цифраларды эске салып койсок ашыкча кылбас. Азыр гектарынан эң кеминде пахтадан жыйырма жети, жыйырма сегиз, буудайдан орточо отуз центнерден жогору түшүм алынып жатат. Ар бир үй-бүлө акыркы жылдарда жети миңден алтымыш миңге чейин киреше алышат. Жылына ар бир жанга эки жүз килодон буудай, бир тонна пахтага отуз сегиз литрден ак май таратылат, баасы өтө арзан, багар-көрөрү жоктор, майыптар каросуз калбайт, аларга жылуу пейлин көрсөтүп, жакшы сөзүн аябай, оокат-аштан көмөк берет.Булардын баарын кайдан алышат. Кыргызстан үрөөнчүлүк кооперативинин өзүндө тегирмени, май чыгаруучу, күрүч чыгаруучу цехтери бар.

* * *

Сакалды тарапка бет алдым. Атайлап эле автобуска чыктым. Эки абышка кобурашып баратат.

- Кайдан болосуң? - Биринчиси экинчисине суроо узатты.

- Абдыкапардын чарбасынан.

- Бу силерде жакшы дейт го, базардан сатып албайт экенсиңер, бая күнү балам «Кыргызстандан келатам, кырманында буудайы турат үйүлүп, майы да, керек болсо уну, пиязынан бери бар экен, көрүп таң калдым» дейт, «анын баарын эмне кылат экен» десем, «Абдыкапар аке элине берет экен дейт, айылдаштарынын тиричилигине көз салып, зарыгып келгендерге шартына карап берип турат экен, бышыкчылыкка чейин жетер оокат-аштарын камдап алышыптыр». - Баламдын сөзүнө чындап эле таң калдым.

- Силерде андай эмеспи?

- Биз эми буттан туруп келатабыз, силерге бүгүн жетпейбиз го. Неси болсо да бу Абдыкапар көп жерде иштеп, иштин көзүн билип, тажрыйбасы да мол, дооруңдун маанисин да түшүнөт турбайбы.

- Курдаш, айтсам төрт жерде төрт гектар терек-зары бар, кыр катар көчөттөрдү тиктиртип койду эле, курулушка да жарап калды, үй салгандар кыйналбайт, зарыкканы сурай берет, өзүбүздөгү жыгач тилдирүүчү жайдан кестирип алышат, сурасаң техникасын берет, тийиштүү жерге жеткирип алышат.

-Карыларга кандай карайт?

- Тез-тез ал-ахбалдарынан кабар алып, ара-чолодо чакырып чай уюштуруп, дасторкон четинде ойлорун сурап-билип, муктаждыгы болсо жардамын аябайт.

- Бизде айрымдар үлүшүн эмдигиче ала алышпай жүрөт, реформа, реформа эле дейт анын маанисин түшүнбөгөндөр канча.

- Анда элге кыйын го. Кыргызстан үрөн алат, бир иштешет, куру бекер иштете албаганга жер берип, от бастырып, түшүм албай күйгүзгөндө не пайда. Жеке алы келбегендер дыйкан чарбаларга биригишкен. Менин деле балдарым менен кошо бир гектардан ашык жерим бар. Чогуу иштейбиз, үлүшүбүздү да, кеткен чыгымды да, акыбызды да билебиз, ким жакшы иштесе алат да».

Эки абышканын кеби Абдыкапар аке тууралуу жылуу пикиримди ан сайын бекемдеди. Анын үстүнө Ноокен районуна барып, чоңдордон сурап калсаңыз, «Абдыкапар Усубалиев

жетектеген үрөнчүлүк кооперативинде иш жакшы, Абдыкапар акени, андагы дыйкандарды тарткыла, мактап жазгыла» дегенин көп угам.

- Чарбанын конторасынан оо бери түшүп калып, ары жөө бастым. Жол четинде бараткам. Асфальт жолдон күү менен келип жеңил машина токтоду. Абдыкапар аке, жанында башкы агроному Медет аке. Төраганын эң ишенген кишиси ушул инсан дешет билгендер. Бекеринен ишенбейт. Жер сырын, билген киши, мүнөзү жумшак, карапайым.

- Оо кел, жол болсун, бу жөө жүрчү эмессиң. - Абдыкапар аке таңдана түштү.

- Чын эле, Абдыкапар акеңди айтсаң деле бир машина жөнөтмөк. - Медет аке төраганын сөзүн коштоп койду.

- Ошентсем деле болмок, бирок эч кимди убара кылгым келген жок. Мүрүмдө жүгүм болбосо.

- Анда жүргүлө терек зарга баралы, чай үстүндө баарлашабыз. - Абдыкапар аке колун жаңсай машинасы тарапка басты, чогуу отурдук да кыр-катар тизилип, асманга карай бой тиреп өскөн терекзарга бат эле жете келдик, бактын дал ортосунда стол үстү жасалып турат.

- Сага көрсөтөм деген терек бак ушул, мына алды жетилип калды. Абдыкапар аке чөнтөгүнөн бычагын алып, стол үстүндөгү дарбызды чарт жарды да, алды өзү ооз тийип, чоң бир кесимди мага узатты. - Жейгой, бу ысыкта суусап келсең керек, дыйкандын огородунан.

- Дарбыз да өзүңүздөрдүкүбү?

- Ананчы, дарбыз экпеген дыйкан дыйкан эмес. - Медет аке өзүнчө ыраазы боло сүйлөдү. Ушул жерден экөөнүн ага- инидей бир-бирине жылуу мамилесин байкадым.

- Терек эгип ырас кылыптырсыз, - дедим. Кудум эле өзүм өстүргөндөй кубанып, алардын ишине ыраазы боло. Жогору карадым. Тээ учунан күн көрүнөт. Ысып келген денем магдырай түштү, түбү салкын. Үчөөбүз тең көпкө унчукпадык. А теректердин жалбырактары желге шуудурап жатты. Бир кезде жүзү күнгө тотуккан жигит бир табак палоону булоосун чыгара жаныбызга койду...

- Абдыкапар аке кол жазмаларыңызды окуп чыктым. - дедим кетерде.

- Жарайбы?

- Жарайт, мурда буюрса сиз жана сиздин айылдаштарыңыз жөнүндө жазайын дебедим беле.

- Мейли жаз, оо анда сага ыракмат эле айтмакпыз, ушунча иштин бардыгын мени өзү жасады деп ойлойсуңбу. Баары ушулардын, мына Медеттин эмгеги.

- Сиздики көбүрөөк, күлө багып Медет аке чын сырын айтты.

- Кийин ушу Медет тууралуу китеп жазсаң да болот, жердин атасы ушул.

- Мен жөнүндө тим эле койгула. - Медет акенин жөнөкөйлүгүн караңыз.

- Дагы айтаарым Медет болбосо, жер сырын билген дыйкандар, эң башкысы адистер болбосо бир адам эч нерсе кыла албайт. Өзүң көрдүң го, көп терек гана терек зар аталат.

Чынында өзүнөн өзгөлөрдүн эмгегин баалап, бирин-бири кадырлаган ушул эки инсанды мурдагыдан да сыйлап калдым. Ал жерден конторуна келдик.

Ушул күнү артка калаар из болор, саймедиреп айтса тарыхка калар, айыл, айыл адамдары тууралуу эмне билгиң келсе, оппоңой билип алар чоң иштин үстүнөн чыктым. Үркөрдөй болгон эл менен өздөрүнчө бөлүнүп чыгып, алгач колхоз болуп, дыйкан чарбаларына, кооперативге биригип, өздөрүнчө контор салып, коомдун агымы менен бир нукка биригип баратыптыр.

Тегереги жашылданып баштаган бараандуу жайдын бет маңдайында заңкайып, жаңы бүткөн эстелик турат. Ал ушул аймакта төрөлүп, жашап, согушка кетип, тылда иштеп, айылдын экономикасы үчүн өз үлүшүн кошкон адамдардын, көзү өткөн улуу инсандардын урматына тургузулган. Жанында чакан гана жай турат, муну музей болот дешет. Булардын бардыгына демилгечи Абдыкапар аке.

- Менин элге калтырган белегим ушул болсун дедим. - Абдыкапар аке табиятында оор басырык үнү менен ушундай деди. Бул жерде Кыргызстан айылынын, кыргызстандыктардын тарыхы калат. Буга чейин кандай залкар иштер жасалгандыгын, кандай залкар адамдар өткөндүгүн ушул музейдеги коюлган маалыматтардан, буюмдан билсин деймин. Анын жака-бели гүлзарларга, жашыл бакка айланат.

- Мен кайтайын. Баарын көрдүм, жакшы жумуш жасап жаткан турбайсызбы.

- Аракет кылып атабыз. Мейлиң, барсаң бар, келип тургула. Силер болбосоңор, силер жар салбасаңар, силер айтпасаңар бу биздин дыйкан экендигибизди, реформатор экендигибизди, кантип иштеп, кантип жашап жаткандыгыбызды ким билмек?

Унчукпадым. Туура дегендей тек гана башымды ийкей кубаттай жөнөй бергенимде дагы Абдыкапар аке кайрылды.

- Шашпагын, жеткирип коет. - Анын машинасынын жанында турган айдоочусуна кыйкыра үн салды. - Сен эжекеңди Жалал-Абадга жеткирип кел.

- Кайда ашыгам, убара чекпеңиз.

- Эч нерсе эмес, таштап коет, эмне ушул турган жерге. - Эркиме койчу эмес, Абдыкапар аке менен коштошуп. машинага келип олтурдум. Түз жолдо жеңил машина кайкып жөнөдү. «Элдин адамы». Ичимден өзүмчө ушинтип алдым Чын эле элдин адамы, чыныгы инсан ушундай болот.

# Мазмуну


| | | |
|---|---|---|
| 1. | Сөз башы | 3 |
| 2. | Инсан | 5 |
| 3. | Атам жана менин айылдаштарым | 9 |
| 4. | Бир туугандарым мен үчүн ысык | 17 |
| 5. | Балалык доор өзү балмуздак | 18 |
| 6. | Ашыктыктын азабы | 20 |
| 7. | Окуучулук күндөр ай | 21 |
| 8. | Студент болдум | 23 |
| 9. | Партиядагы кызык, кызык эмес жагдайлар | 29 |
| 10. | Жакшылыкка жамандык | 35 |
| 11. | Кайрадан партиялык доор жөнүндө | 36 |
| 12. | Демократия келди | 41 |
| 13. | Менин кымбат адамым | 44 |
| 14. | Бир уядан он бала жетилди | 45 |

Мубара Абдулат кызы

# ИНСАН

Документалдуу повесть

Редактору: М. Закирова
Корректору: С. Маткалыков
Тех.Редактору: И. Исаков

Терүүгө берилди 10.09.97
Басууга уруксат 28.11.97
Формат 60 х 84 1/16 3.5 п.л.
Офсет кагазга басылды